№81
(3530)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2023-жылдын
10-октябры

www.erkin-too.kg

# МЫНДАН АРЫ КЫРГЫЗСТАНДА КРИМЧӨЙРӨСҮ, КРИМКАССАСЫ ДЕГЕН БОЛБОЙТ!



4-бетте

КР Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Алтынбек ЭРГЕШОВ:

# "НАРЫН ШААРЫНА БИРИНЧИ ЖОЛУ 9 КАБАТТУУ ИПОТЕКАЛЫК ТУРАК ЖАЙДЫН КУРУЛУШУ БАШТАЛГАНЫ ТУРАТ"



3-бетте

ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg

# ДОСТУК ЖАНА ИШЕНИМ



***Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров мурдагы күнү Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путин менен телефон аркылуу сүйлөштү.***

Садыр Жапаров Владимир Путинди туулган күнү менен жылуу куттуктап, ага чың ден соолук, бакыт-таалай жана жоопту мамлекеттик ишинде мындан аркы зор ийгиликтерди каалады. Ошондой эле Владимир Путиндин тарыхый достуктун, өз ара колдоонун жана ишенимдин бекем салттарына негизделген кыргыз-орус стратегиялык өнөктөштүгүн жана союздаштыгын чындоого кошкон жеке салымын жогору бааларын баса белгиледи. Өлкө лидерлери эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташуунун актуалдуу багыттарын, ошондой эле Президент Владимир Путиндин Кыргызстанга боло турган расмий сапарын жана анын Бишкек шаарында өтө турган КМШ Мамлекет башчыларынын кеңешинин жыйынына катышуусун талкуулашты.



# КЫТАЙ ЭЛЧИСИНЕ "ДОСТУК" ОРДЕНИ ЫЙГАРЫЛДЫ

***Өлкө башчысы Садыр Жапаров Кытай Эл Республикасынын Кыргызстандагы Атайын жана Ыйгарым Укуктуу Элчиси Ду Дэвэнге Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгы - "Достук" орденин тапшырды.***


Мамлекет башчысы бул орден менен Кыргызстандын жана чет өлкөлөрдүн жарандары тынчтыкты, достукту жана эл аралык кызматташтыкты бекемдөө боюнча жасаган иштери үчүн сыйланышарын айтып, "Кыргызстан Сиздин кыргыз-кытай ынак коңшулук, достук жана кызматташтык мамилелерин чыңдоого кошкон баа жеткис салымыңызды жогору баалайт" - деп белгиледи.

Элчи көрсөтүлгөн сыйурмат жана жогорку сыйлык үчүн ыраазычылык айтып, бул сыйлык Садыр Жапаровдун кыргыз-кытай кызматташтыгын өнүктүрүүгө болгон мамилесин жана көңүл бурuусун көрсөтүп жатканын билдирди. Ду Дэвэнь бул сыйлык эки өлкөнүн элдеринин жыргалчылыгы үчүн эки тараптуу мамилелерди бекемдөөгө жана өнүктүрүүгө колдон келишинче салым кошууга жана мындан да көп берилүү менен иштөөгө шыктандырарын белгиледи.

# ЧЕК АРАНЫН 43,32 ЧАКЫРЫМЫ МАКУЛДАШЫЛДЫ

***Кыргызстан менен Тажикстандын Өкмөттүк делегацияларынын укуктук маселелер боюнча жумушчу топторунун жана топографиялык жумушчу топторунун кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча кезектеги жолугушуусу болуп, чек ара тилкесинин 43,32 чакырымын макулдашышты.***

Тараптар Тажикстан Республикасынын аймагында өтө турган кийинки жолугушууда калган аймактар боюнча ишти улантышмакчы. Бир ай мурун УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев Тажикстан Кыргызстанга карата айрым чек ара дооматтарынан баш тартпаса, Кыргызстан тарыхый документтердин негизинде укуктук жактан коңшу өлкөгө доомат артса болорун билдирген.



Көп өтпөй эки өлкөнүн коопсуздук кызматынын жетекчилери №44 протоколго кол коюп, тажик тарап бардык дооматтардан баш тарткан.



# КЫРГЫЗ АВИАЦИЯСЫ ӨНҮГҮП-ӨСӨ БЕРСИН!



***Мамлекет башчысы Садыр Жапаров 7-октябрда жарандык авиация кызматкерлерин кесиптик майрамы менен куттуктап, өлкөнүн социалдык-экономикалык турмушуна кошуп келаткан салымдарына ыраазычылык билдирди.***

Президент өз сөзүндө белгилегендей, эки жылдын аралыгында Кыргыз авиация тармагында чоң өзгөрүүлөр болду. Алардын ар бирине учкай токтоло кетсек, "Манас" эл аралык аэропортунун базасында – "Асман Эйрлайнс" көмөкчү авиакомпаниясы түзүлдү. "Баткен" эл аралык аэропортунда ушул жылдын май айында учуп-конуу тилкесин калыбына келтирүү иштери аяктады. "Каракол" эл аралык аэропортунда жаңы аэровокзал комплексин куруу, жарык сигнал берүүчү жабдууларды орнотуу менен аэродром элементтеринин жасалма катмарын реконструкциялоо жана учуп-конуу тилкеси узартылууда. "Кербен" аэропортунун ишин калыбына келтирүү максатында учуп-конуу тилкесин кеңейтүү жана реконструкциялоо иштери жүрүүдө. "Талас" аэропортунда аэровокзалдын жаңы имаратын куруу жана аэродром элементтеринин жасалма катмарын реконструкциялоо жумуштары жүрүп жатат. "Казарман" аймактык аэропортунда аэродром элементтерин оңдоо-калыбына келтирүү иштери жасалууда. "Нарын" аэропортунда аэровокзалдын жаңы имаратын куруу жана аэродром элементтеринин жасалма катмарын реконструкциялоо иштери бүткөрүлүүдө. "Ош" эл аралык аэропортунда жүк терминалын куруу башталды. "Ысык-Көл" эл аралык аэропортунда быйыл жаңы аэровокзал комплексинин курулушу башталды.



# 100 МЛН ДОЛЛАРЛЫК ХОЛДИНГ ТҮЗҮЛӨТ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Бириккен Араб Эмираттарынын Энергетика жана инфраструктура министри Сухэйл Аль-Мазруи менен жолукту.***

Жолугушуунун жүрүшүндө экономиканын түрдүү тармактарында, анын ичинде электр станцияларын куруу, банк, гидроэнергетика, энергиянын кайра жаралуучу булактарын өнүктүрүү, ошондой эле башка биргелешкен демилгелер боюнча долбоорлорду ишке ашыруу маселелери терең талкууланды. МинКаб Төрагасы 2022-жылдын ноябрында Абу-Дабиде жемиштүү өткөн жогорку деңгээлдеги сүйлөшүүлөр Кыргыз-Эмират мамилелерин сапаттык жаңы деңгээлге чыгарганын белгиледи. Мындан тышкары, социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган эффективдүү реформаларды илгерилетүү боюнча тажрыйба алмашуунун маанилүүлүгүн айтты. Тараптар уставдык капиталы 100 млн долларды түзгөн биргелешкен холдингдик компанияны түзүүгө өзгөчө көңүл буруп, Эмират биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууну тездетүүгө даяр экендигин билдирди.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ИШ БИЛГИ
www.erkin-too.kg

**КР Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Алтынбек ЭРГЕШОВ:**

# “Президенттин колдоосу менен элибиздин бир топ маселелери чечилип калды”

Мамлекеттик кызматта иштөөнүн “майын чыгара” үлгүсүн көрсөткөн Алтынбек Калдарович менен кеңири маанайда баарлаштык. Маектешим облустагы жетишкендиктер менен айрым кем-карчтарга, аткарылып жаткан иштер менен алдыдагы максаттарына кеңири токтолуп, тоолуктардын “жеңилин жерден, оорун колдон” кантип алып жатканын будамайлабастан айтып берди.



**- Алтынбек мырза, элибиз “той болот, тойдун эртеси да болот” дешет. Ормон Хан атабыздын тоюнан кийин тоолуу аймакта абал кандай? Масштабдуу иш-чарада кандай кемчиликтерге жол берилип калды?**

- Ооба, 2-октябрь күнү XIX-кылымда жашап өтүп, ошол мезгилдеги чачкын кыргыз урууларын бириктирип, көз карандысыз кыргыз мамлекетин түптөөгө аракет кылган белгилүү тарыхый инсан Ормон Ниязбек уулунун 230 жылдык мааракесин белгиледик. Дал ушул мааракенин арты менен көп жакшы иштер башталды. Президентибиз Садыр Нургожоевичтин катышуусунда өлкөбүздүн Туусу көтөрүлүп, Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн түптөлүшүнө салым кошкон улуу инсаныбыз эскерилип, кыргыз тарыхына, мамлекеттүүлүгүбүздүн, көз карандысыздыгыбыздын маанимаңызына баа берилди. Мааракенин алкагында Кочкор районунун инфратүзүмү жакшыртылып, аталган аймактын Семиз-Бел айылына “Ормон Хан” ордосу түптөлдү. Жалпы аянты 1 гектарды түзгөн ордого Ормон Ниязбек уулунун эстелиги орнотулуп, суу чыгарылып, жашылдандырылып, 4 боз үй тигилди. Бул жер Нарын облусунун дарбазасы катары туристтер үчүн да, элибиз үчүн да эс ала турган абдан ыңгайлуу жай болуп калды. “Ормон Хан” ордосун түптөөгө Нарын облусунун “Теңир Тоо” өнүктүрүү фондунан 7 миллион сом бөлүп бердик. Курулушту жүргүзгөн “Имарат строй” курулуш ишканасынын жетекчиси Данияр Иманалиев дагы өзүнүн салымын кошту. Андан тышкары Кочкор районунун борборундагы 13 гектар аянтты түзгөн “Ормон Хан” паркы мамлекеттик казынадан 37 миллион сомго заманбап реконструкцияланды. Ушул парктын ичиндеги каралбай калган стадион 18 миллион сомго капиталдык ремонттон өттү. Президентибиз мааракеге катышып, парктын ирригация системасын жакшыртууга жана стадионду заманбап реконструкциялоого каражат бөлүп берээрин убада кылды. Биз учурда долбоорлорун даярдай баштадык. Мааракеде 7 дубандын элин ынтымакка чакырып, бир муштумга бириктирген маданий иш-чаралар, улуттук баалуулуктарыбызды даңазалаган оюндар болду. Эң негизиси иш-чара уюшкандыкта, биримдикте, ар кандай кырсыктардан сырткары өтүп, той бүткөндөн кийин мааараке өткөрүлгөн аймактар толугу менен ирээтке келтирилди. Иш-чаранын жүрүшүндө катышуучуларга шарт түзүү максатында даараткааналарга чейин уюштуруу аракеттери көрүлүп, орчундуу кемчиликтер орун алган жок. Мындай маданий иш-чаралар элибиздин руханий, маданий көрөңгөсүн байытып, ынтымагын бекемдөөгө өбөлгө болот.

**- Кыш мезгили жарым жылга созулган шарты катаал аймакты отун-суу маселеси менен канчалык деңгээлде камсыз кылганга жетиштиңиздер? Баса, Жумгалдагы “кара алтынды” өндүрүү кандай нукта уланууда?**

- Быйыл Нарын облусунун бюджеттик мекемелерине, жылуулук ишканаларына жана калкына жалпы 127 миң 896 тонна көмүр отуну керектелет. Мунун ичинен калкка 92 миң 400 тонна, жылуулук берүү ишканаларына 13 миң 885 тонна, калганы бюджеттик мекемелерге таратылат. Учурда бюджеттик мекемелерге керектелүүчү көмүрдүн 70 пайызы тартылып бүттү. Элибизге көмүр тартуу иштери уюштурулуп, 68 көмүр-отун кампасы даярдалган. Мындан сырткары, жеке ишкерлер автоунаалар менен кыдырып көмүр менен камсыздап беришет. Учурда калктын 19 пайызы көмүр алды. Азыр аба ырайы жылуу болгондуктан көмүргө муктаждык аз болуп атат. Суук түшкүчө сатып алуулары зарылдыгын элибизге эскертип жатабыз. Көмүрдүн 1 тоннасынын баасы Жумгал районунда 3000-3300, алыскы райондордо 4200-5000 сомго чейин сатылууда. Бааны 5000 сомдон ашырбоо боюнча монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен бирге жеке ишкерлерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатабыз. Нарында “Кара-Кече” жана “Турук” көмүр кендери иштеп, 2023-жылдын 8 айында жалпы 823 миң, 983 тонна көмүр өндүрүлдү. “Турук” көмүр кенин туруктуу иштетүү максатында “Ак-Талаа көмүр” мамлекеттик көмүр ишканасы ишке киргенин дагы белгилегим келет.

**- Тоолуу аймактын тургундарынын каниет кылып, караганы колундагы малы. Кудайдын барманы менен быйыл тоют салыштырмалуу аз жыйналып, облус тургундары төрт түлүгүнүн санын азайтып, сатыпын атканына күбө болуудабыз. Жем-чөп көйгөйүнө канчалык деңгээлде көңүл буруп жатасыз?**

- Быйыл аба ырайына байланыштуу чөп азыраак чыкты. Нарын облусу боюнча тоют чөптүн түшүмдүүлүгү орточо 30 центнерди түзүп, жалпы түшүм 228 миң, 796,4 тонна болду. Тоют былтыркыга салыштырмалуу 52 миң 683 тоннага аз жыйналды. Бирок, жетишпеген тоюттун ордун альтернативдүү тоют менен толтуруу аракеттерин көрүп, Россия Федерациясынан арпа алынып келинип, 1 кг арпа 21 сомдон сатыкка коюлду. Ат-Башы районуна 450 тонна, Ак-Талаа районуна 180 тонна, Нарын районуна 95 тонна арпа сатылды. Азыркы учурда башка райондорго алып келүү боюнча иштер жүрүп жатат. Фермерлер тарабынан сатып алууга канча буйрутма боло турган болсо, ошончо көлөмдө алып берүүгө мүмкүнчүлүк бар. Андан тышкары өлкөбүздүн башка аймактарынан алынып келинген чыктуу тоют (силос) сапатына жараша кг – 8-13 сомду түзүүдө. Жергиликтүү кооперативдер тарабынан Нарын районунун Учкун айылында чыктуу тоют даярдалып, фермерлерге жеткиликтүү баада сатуу боюнча иш алып барууда. Дыйкан-фермерлер 350 тонна чыктуу тоют менен камсыз болду. Россиядан алынып келүүчү арпа жана чыктуу тоют (силос) боюнча айыл өкмөт башчыларга, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарына кайрылышса болот.

**- Бардыгы телегейи тегиз, “жипке тизгендей” эмес да. Аймакта кайсы көйгөй курч бойдон калып, чечүүгө мүмкүн болбой жатат?**

- Жылдан-жылга орчундуу көйгөйлөрдүн бардыгы четинен чечилип жатат. Президентибиз Садыр Жапаровдун колдоосу менен ирригация системасына, жолдорго асфальт төшөөгө, курулушу узакка созулган социалдык объектилерди бүткөрүүгө каражаттар бөлүнүп, элибиздин бир топ көйгөйлөрү чечилип калды. Нарын аэропорту ишке киргени турат. Нарын шаарына биринчи жолу 9 кабаттуу ипотекалык турак-жайдын курулушу башталганы турат. Биз кайсы маселелерди көтөрсөк, ошонун баары четинен чечиле баштады. Айлык маяналар, пенсия, пособиелер көбөйүп жатат. Алдыда алыскы айылдарга барчу жолдорду асфальттоо, ирригация тармагында БДРлерди, канализацию куруу, район борборлоруна таза суу киргизүү, муктаж болгон социалдык оъектилерди куруу сыяктуу маселелер бар. Буларды чечүүнүн үстүндө иш алып барyудабыз.

**- Облустун жүгүн көтөрүп, түйшүгүн жеңилдетүүдө эл аралык алака, тышкы өнөктөш өлкөлөр менен иштешүү да ийгилик алып келери маанилүү. Бул жагынан кандай иштерди аткарып жатасыз?**

- Нарын облусуна сырттан инвестиция тартуу максатында эл аралык мамилелерди бекемдөөгө абдан көңүл буруудабыз. Өзбекстан, Венгрия, Кытай, Казакстан, Түштүк Корея өлкөлөрү менен достук жана кызматташтык алакалары түзүлүп, быйыл 10дон ашык кызматташуу келишимдерине кол коюлду. Аталган өлкөлөрдүн облус, округдары менен түзүлгөн достук алакалардын натыйжасында иштетилбей турган айыл чарба жерлерин өздөштүрүүгө, чакан ГЭСтерди курууга, чет элден туристтерди тартууга, туризм тармагын жакшыртууга, көмүр отунун экспорттоого, “Торугарт” көзөмөл өткөрүү пунктунун жана Кытай Эл Республикасынан жүк өткөрүүнүн абалын жакшыртууга жакшы мүмкүнчүлүктөр ачылды.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ЭЛ ИЧИНДЕ ЭМНЕ КЕП...

www.erkin-too.kg

# КРИМИНАЛДЫ БААТЫР ТУТКАН ШОРДУУ ЭЛ БОЛДУКПУ?

Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин кызматкерлеринин талабына баш ийбей ок чыгарып, каршылык көрсөткөн "кримтөбөл" Камчы Көлбаев Бишкектеги Blonder pub эс алуу жайында жок кылынган эле. Өткөн жумада анын өлүмү коомчулуктун көңүл борборунда болуп, социалдык түйүндөрдө кызыл-чеке болгон талаш-тартыштардын чордонунда талкууланды.

Элдин пикирине көз чаптырсак, кыргыз коомчулугунун бир катмарынын аң-сезими өйдөлөп өспөй, башкасын мындай кой, ак менен караны, бийлик менен криминалды ажырата албаган жарандар бар экени таң калтырды. Алар: "Көлбаевди жамандап, каракчы көргөзүүгө аракет кылбагыла", "Кыргыздын кыраан жигитин ит аткандай атып салышты", "Ал кыргыздын чыныгы баатыры болчу", "Анын эрдиги жүрөгүбүздө сакталат", "Эртең жооп бересиңер" деген өңдүү сөздөрүн жазышты. Бул абдан кейиштүү болуп, кабырганы кайыштырган жагдайды жаратты. Биздин мамлекетте мындай чабал, тар түшүнүктөгү адамдардын арбын экени акылпарасаттуу мекендештердин жанын кейитип, жүлүнүн зыркыратты.

Мындай түшүнүктөн чыга албаган адамдардын арабызда жашап жатышы, мамлекетибиздин ыкчам өнүгүп-өсүүсүнө тоскоол болору турган иш. Анткени, биздей өкмөттүн карамагындагы заводфабрикасы жок өлкөлөрдүн экономикасын жеке ишкерлер гана өргө сүрөйт. Баарыбызга маалым, ири жана чакан ишкерлердин баарын криминалдык топтор коркутупүркүтүп, кирешесинин бир бөлүгүн мите курттай соруп келе жатышат. Атургай, ишкерди жок кылып же сыртка кууп чыгып, соода жайларын, мүлкүн тартып алган учурлар да арбын болгон. Кыскасы, криминалдык топторду түзгөн "каракчылар" мамлекеттин өсүшүнө салым кошоюн деген мекендештерибиздин тизесине чаап, кокосуна тикен болуп сайылып калышкан. Ак эмгеги менен акча тапкан ишкерлерди тоноп, экономиканы өстүрбөй тушап жаткан чоң илдеттен 30 жылдан бери кутула албай келген элек.

Кудайдын кулагы сүйүнсүн дешибиз керек, жакындан бери кызуу башталды. Жалпыбыз мамлекетке каршы иштеген кылмыштуу топторго каршы күрөштү колдоого милдеттүүбүз. Экономиканы соолутуп жаткан криминалга эч бир аёо болбош керек. Баарын темир торго киргизип, каршылык көрсөткөнүн бир чекеден жок кылуу зарыл. Анан бул ишти туура эмес көргөн, кылмышкерлерге жана "кримтөбөлгө" боор тарткан феодалдык түшүнүктөгү пенделерге түшүнбөй турабыз. Айтышсынчы, кайсы эмгеги үчүн биз аларды баатыр дешибиз керек? Бюджетке түшчү акчаны кемирип, экономиканы талкалаганы үчүнбү? Бизнесмендерди тоноп, өлтүрүп, байлыктарын тартып алган үчүнбү? Же спортчу балдарды жолдон чыгарып, баңгизатына көндүрүп, канчалаган жаш кыздарды зордуктаганы үчүнбү?

Баса, кечээ УКМК төрагасы К.Ташиев бизнесмендерге, чет өлкөлүк инвесторлорго, ресторандардын, базарлардын ээлерине жана базарларда олтурган жарандарга кайрылып, кимде-ким кылмыш дүйнөсүнүн мүчөлөрүнө акча берип жүргөн болсо, мындан ары токтотушун суранды. "Эгер дагы деле каржылоону уланта турган болсоңор, силер да жооп берип каласыңар. Криминалдар буга чейин көптөгөн бизнестерден, бизнесмендерден, керек болсо инвесторлордон акча алып жүргөндөрү, бирөөлөрдүн мүлктөрүн тартып алгандары аныкталып жатат. Кимде-ким буга чейин жабыркаган болсоңор, УКМКга кайрылгыла. Эми баарыңарга эскертебиз: мындан ары кримчөйрөсүнө бергендерди да, "кримчөйрөсүмүн" деп барып кимдир бирөөлөрдү коркутуп акча алгандарды да жазалайбыз. Мындан ары Кыргызстанда кримчөйрөсү, кримкассасы деген болбойт" деди.

Бийликтин мындай билдирүүлөрүнө бали дегенден башка айтар сөзүбүз жок. Кылмышкерлерди талкалоо жаатында чечкиндүү күрөштү баштаганы алгылыктуу кадам болду, биз аны жапатырмак колдошубуз гана керек. Кыргыз жеринде мыйзам үстөмдүгү иштеп, бардык тармакта тартип өкүм сүрүшү зарыл. Биз укуктук мамлекетте жашаган соң, баарыбыз мыйзамды сыйлаганга милдеттүү экенибизди билишибиз шарт.

**Жогорку Кеңештин депутаты Жанарбек АКАЕВ:**

## "Кылмышкерлерге каршы күрөшүүнү толук колдойм"



- Кыргызстанда мыйзам баарынан өйдө турушу керек. Мыйзам менен гана иштеген өлкө болушубуз керек. Коомчулукта Көлбаев жөнүндө талкуу болуп жатканынын өзү туура эмес. Бул кылмыш дүйнөсүнүн өтө тереӊ, тамырлашып кеткендигинин белгиси. Жаш балдардан бери ушуну талкуулашууда. Криминал – бул кара ниет, адал эмгеги менен акча таап жаткан ишкерлерди тоногон бандиттер. Буларды биз кара ниет, кара өзгөй, ниети жаман адамдын үлгүсү катары көрсөтүп турушубуз керек. Тескерисинче, аны идеалдаштырып, "спортту өнүктүргөн" деп меценат көрсөтүп жазып жаткандарга таң калып жатам. Кандай болгон күндө да ал акча арам. Бешене тери менен тапкан ишкерлерди тоноп алган акча. "Кримдүйнөсүнүн өкүлүмүн" дегендин баарына согуш болушу керек. Ушуну менен токтобошубуз керек. Мен толук колдойм.

**Жарандык активист Адилет АЙТИКЕЕВ:**

## "Адамдарды ыплас жолго түртүп келген адамга эмнеге бооруңар ооруйт?!"



- Түрмөгө киргизсең ал жактан башкарат, эркиндикте жүрсө бул жактан башкарат, чет жакка кубалап чыксаң телефондон буйрук берип жүрө беришет. Ошон үчүн буларга аёо болбошу керек. Чолпон-Ата, Бостериден булар жыландын уюгундай болуп топтошуп чыр салгандарын бир нече жолу көргөм. Кайсы жерге барба, "крыша" болуп чокчоңдогон караларды көрөсүң. Ошон үчүн "кың" эткендерин атып эле салыш керек. Кайсы жерде болбосун, каршылык көрсөткөндөргө ок атуу эрежеси укук коргоо органдарынын уставында бар. Буларды колдогондорго түшүнбөйм, канчалаган адамдардын канына забын болуп, жүздөгөн ишкерлерди тоноп, ак мээнет менен оокат кылган адамдардын оокатын тартып алып, наркосооданы дүйнөгө жайылтып, канчалаган адамдарды ыплас жолго түртүп келген адамга эмнеге бооруңар ооруйт?!

**Журналист Мирлан ДҮЙШӨНБАЕВ:**

## "Кылмышкерлер кирерге ийин таппай калышты"



- Кыргызстанда уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөш пропагандалык, эскертүү этабынан реалдуу ишке өттү. Бул эртели-кеч боло турган нерсе эле. Мамлекет башчысынын жана УКМКнын жетекчисинин күчтүү саясый, кесиптик эрктеринин аркасында уюшкан кылмышкерлер буттары күйгөн тооктордой безилдеп, каякка кирердин айласын таппай калышты. Көлбаев өлтүрүлгөндөн кийин кримдүйнөсүнүн "Сакал", "Женго", "Узун Улан" дегендери кылмыштуулуктан кайтып, мындан ары мыйзам жолуна түшөрүн билдиришти. Аны айрымдар "коркутуп айттырып жатышат да" деп жатышат. Албетте, мыйзамдан аны сыйлап, анын талабы менен жашагандар эмес, биринчи кезекте кылмышкерлер коркушу керек. Эгерде кылмышкерлер мыйзамдан коркпосо, тескерисинче жогорку бийликтегилерге тийишип, эрегишип турса, ал эмне деген бийлик, эмне деген мамлекет? «Жер ээн болсо, доңуз дөбөгө чыгат» дегендей болбошу керек. Антсе, мамлекеттин абройбеделинен, таасиринен эмне калат? Анда өлкө тез эле жунглинин мыйзамы менен жашаган коомго айланып кетет. Ичинен ирип-чиригенге өтөт. Мамлекеттин эң башкы милдети – жарандарынын коопсуздуктарын камсыз кылуу. Ал максатта кандай катаал чараларды жүзөгө ашырылбасын, ал өзүн актайт. Эл колдойт.

**Зулпукаар САПАНОВ**

# ИЗРАИЛ МЕНЕН ПАЛЕСТИНА СОГУШУ

ХАМАСтын (арап. Харакат аль-Мукаввама аль-Исламия. Исламдык каршы кыймылы) Израилге куралдуу кол салуусунан кийин Израилдин армиясы Газа тилкесине сокку урганы дүйнө коомчулугуна кооптонуу жаратууда. Израилдин армиясынын басма сөз кызматы өз өлкөсүндө соңку куралдуу кагылышуулардан улам каза тапкандар 9-октябрдын таңына карата 700дөн, жараат алгандар 2000ден ашканын маалымдады. Ал эми Газа секторунда Израилдин жооп катары жасалган чабуулдарынан каза болгондор, палестин бийлигинин маалыматына караганда, 413кө жетип, 2300 киши жараат алганы айтылууда.

Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Коопсуздук кеңешинин чукул жыйынында Жакынкы Чыгыштагы кырдаал каралып, бирок эч кандай чечим кабыл алына элек. Израилдин премьерминистри Биньямин Нетаньяху 8-октябрга караган түнү ХАМАС тобунун аскердик жана өкмөттүк потенциалын жок кылуу боюнча аскердик өнөктүк баштоого Коопсуздук кабинетинен макулдук алганын жарыялаган. ХАМАСтын согушкерлери алгач Газа менен чектеш аймакка жакын жердеги Негев чөлүндө өтүп жаткан "Nova Festival" музыкалык фестивалын бутага алып сокку урган. Ишемби күнү ал жерде 2 миңдей израилдик жаштар чогулган. Чабуул учурунда фестивалдын көптөгөн коноктору каза тапкан, калгандары барымтага алынып, Газа секторуна жеткирилген.

Израилде соңку кандуу окуялар учурунда кыргыз жарандары жабыр тартканы тууралуу маалымат жок экенин Кыргызстандын Израилдеги элчилиги (резиденциясы Түркиянын Анкара шаарында жайгашкан) жекшембиде маалымдады. Элчилик Израилде жашаган кыргыз жарандарын өлкөнүн чек арага жакын, согуш жүрүп жаткан аймактарына барбай турууга чакырды. Кыргызстандын Тышкы иштер министрлиги Израил менен Газа секторундагы каршылаш тараптардын ортосунда куралдуу кагылышуу курчуп кеткенине байланыштуу 9-октябрда эки тарапты ынтымакка чакырган билдирүү таратты.

"Кыргыз Республикасы көптөгөн курмандыктарга жана кыйроолорго алып келген израилпалестина жаңжалынын курчушуна кооптонуп, абдан тынчсыздануу менен көз салып турат. Тынчтыкты орнотуу, жайкын тургундарды коргоо жана Жакынкы Чыгыштагы кырдаалды турукташтыруу максатында тараптарды согуш аракеттерин токтотууга жана саясий-дипломатиялык диалогду мүмкүн болушунча тезирээк баштоого чакырабыз", – деп айтылат мекеменин расмий интернет сайтына жарыяланган билдирүүдө.

**Абдыкалык АКИМОВ**



# МИНИСТР МАКСҮТОВ ЖАНА ТАЛКУУГА ТҮШКӨН "ЖЫЛАҢАЧ БАЛА"

***Бишкек шаарындагы Т.Абдумомунов атындагы Улуттук драма театрында сентябрь айынын соңунда Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Султан Раевдин "Күн кармаган бала" спектаклинде энеси баласын жылаңачтап алып таштекке салып жуунтуп жаткан учуру сценада жалпы көрөрмандарга көрсөтүлгөн. Мындан улам коомчулук арасында ар тараптуу талаш-талкуу жаралган. Спектакль тууралуу маселени Жогорку Кеңештин 4-октябрдагы жыйынында депутат Жалолидин Нурбаев көтөрүп, министрден түшүндүрмө талап кылган.***

Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Алтынбек Максүтов "Күн кармаган бала" спектакли тууралуу талаш-талкууларга байланыштуу фейсбуктагы баракчасына жарыяланган билдирүүдө бул спектаклди эл аралык ART ORDO театр фестивалынын алкагында Касымалы Жантөшев атындагы Ысык-Көл облустук музыкалуу драма театры Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Султан Раевдин чыгармасынын негизинде жаш режиссёр Уланмырза Карыпбаев койгонун, жалпысынан 17 спектакль көрсөтүлгөн фестивалда "Күн кармаган балага" калыстар тобу жогорку баа берип, баш байгени алганын белгиледи. Аны сындап жаткандарды ошол спектаклди толугу менен көрүүгө чакырып, төмөнкүдөй пикир калтырган:

"Спектаклди көрүүчүлөр бир дем менен көрүп, болуп көрбөгөндөй триумф жаратып, азыркы коомчулукта орун алган чоң жараны жарып жиберди. Социалдык тармактарда чыгарманы окубай, аталган спектаклди көрбөй туруп, эки сааттан ашуун убакытка созулган спектаклдин сегиз секунд гана жерин кесип алып, аны коомчулукка жарыялап талкуулап жаткан жарандар, жаш режиссёр Уланмырза Карыпбаевдин аталган чыгарманын маани-мазмунун чындык менен ачып бериши, эненин балага болгон мээрими жана бүгүнкү коомчулукта болуп жаткан терс көрүнүштөрдү айдан ачык көрсөтүп бергени жакпай калгандыр!? Көркөм чыгармада режиссёрдун айтайын деген ою, алдына койгон максаты эң чоң мааниге ээ. Аны түшүнүп-билбей туруп, чыгармачылыкка жол тосуп, К.Жантөшев атындагы Ысык-Көл облустук музыкалуу драма театрынын жана жаш режиссёрдун ийгилигин көрө албай жаткандар болбосун? Театр – тирүү организм. Театр жеке спецификага ээ. Алар чындыкты, конфликти, мүнөздөрдү чагылдыруу, аларды трактовкалоо жана баалоо, тигил же бул идеяны ырастоо драмалык иш-аракеттер менен ишке ашат эмеспи. Бирок, оюндун оппоненттери, урматтуу биздин жарандарыбыз бир жагдайды эстеринен чыгарып жатышат окшойт: маселе искусствонун предмети жөнүндө кетип жатат. Ал эми искусстводо биринчи орунда образдуулук турат. Бардык көрүнүштөр, деталдар жаратмандын көркөм-образдуу ой жүгүртүүсүнө, көркөм-образдуу концепциясына гана баш ийдирилет. Ар бир деталь, ар бир штрих чыгарманын жалпы образынын ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат. Андыктан ар бир деталды, же көрүнүштү өзүнчө бөлүп кароого мүмкүн эмес. Алардын ар биринин мааниси, мазмуну комплекстүү каралганда гана, образдуу чечилиштин алкагында гана түшүнүктүү болот. Искусствонун өзгөчөлүгү ушунда", - деп министр Максүтов өз көз карашын билдирген.

Бирок кандай болгон күндө да коомчулук арасында, "искусствону, эненин балага болгон мээримин сөзсүз эле жылаңачтап алып эмес, башка маданий чеберчиликтер менен алып чыгып, коомчулукка чагылдырып берсе да болот эле. Элдин аң-сезимине бир нерсени жеткирүү үчүн эч болбосо сегиз секунд болсо да уят-сыйытты жыйнаштырып коюп, чоң эле бир кишини эл алдына жылаңачтап алып чыга калыш керек беле?!." - деген наалазы пикирлер азыр да айтылып келүүдө.

**Абдыкалык АКИМОВ**

Малика ХАЛИКОВА:

# "ЖАШООМДУН МАҢЫЗЫ – ӨЗҮМДҮ ӨНҮКТҮРГӨНҮМ"

***Тубаса церебралдык шал оорусу менен жабыркаган Малика Халикова коомдук иштерге активдүү катышып, өзүн өнүктүрүүнүн үстүнөн тынымсыз иштеген жаштардын бири. Церебралдык шал оорусу мээнин же нерв системасынын түзүлүштөрүндөгү патологиялык өзгөрүүлөрдөн улам пайда болгондуктан, бала баспай, акыл-эси да жабыркашы мүмкүн. Бирок, бул илдет Маликаны сындыра алган эмес. Жаш кыз учурда алып баруучулукту өздөштүрүп, аны менен катар кол өнөрчүлүк шыгы менен жашоонун жаңы эшиктерин ачканга аракети күч.***




## "МЕНИН ЭҢ ЧОҢ ЖЕТИШКЕНДИГИМ – ЖАШООГО ПОЗИТИВДҮҮ КАРАЙ БАШТАГАНЫМ"

Церебралдык шал оорусу менен күрөшүп келе жаткан Малика жашоого адам позитивдүү караганды үйрөнгөндө гана бардык кыйынчылыктарды жеңе алат деп эсептейт. "Мурда мага турмуш супсак, караңгы көрүнүп, жашоого болгон кызыгуум да жок эле. Буга чейин өтө түнт да болчумун. "Сен мага тийбе, мен сага тийбейм" деген эреже менен күн өткөрчүмүн. Кийинчерээк мектепке барып мугалимдердин жардамы менен ар кандай иш-чараларга, курстарга катышып, жашоого болгон көз карашым түптамырынан бери өзгөрдү. "Менин колумдан эч нерсе келбейт" деген терс пикирлерди, сезимдерди жеңдим. Муну мен кыйынчылык катары эмес, жашоомдогу бир тепкич, менин эң чоң жетишкендигим катары эсептейм", - дейт Малика.

## "АР БИР ИШТИН ӨЗҮНӨ ЖАРАША КЫЙЫНЧЫЛЫКТАРЫ БОЛОТ"

"Януш Корчак" атындагы мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн реабилитациялык борбордо Малика 8 жашынан баштап окуп келет. Ал аталган жерден көп нерселерди үйрөнгөнүн, дагы деле үйрөнүп келе жатканын кубануу менен айтып отурду:





**Маликанын ийне менен тарткан сүрөттөрү**

*"Биздин сабагыбыз саат 8.00дө башталып, кечки 17.00дө бүтөт. Апам Сокулукта жашагандыктан, сабактан кийин үйгө барууга жетишпейм, дем алыш күндөрү гана барып турам. Уктай турчу жерибиз менен окуп жаткан мектебибиз бири-бирине өтө жакын жайгашкан. Сабактан кийин баарыбыз мектептен чыгып, уктоочу жерибизге барабыз. Ал эми сабактарыбыз тууралуу айта турган болсом, көбүрөөк кол эмгек менен алектенем, анткени кол эмгектин биздин колдорубуз жана манжаларыбызга пайдасы чоң. Мисалы: биз кийиз жана жүндөн ийненин жардамы менен ар кандай сүрөттөрдү жасайбыз. Негизи бул иш мага аябай жагат. Ар бир иштин өзүнө жараша кыйынчылыгы болот эмеспи, биринчи жолу жасаганда өтө кыйналгам. Эгер ийнени кийизге түз сайбасаң, ийне сынат. Башында, үйрөнгөнгө чейин бир канча ийнени сындыргам, колумду да сайып алчумун. Бирок, кийинчерээк аракет кылып, жасаганды үйрөнө баштадым".*

## "ЖАШООМДОГУ ЭҢ ЧОҢ БУРУЛУШ"

"Адам ар тараптуу өзүн өнүктүрүүсү керек" деген сөз бекеринен айтылбаса керек. Дайыма өнүгүүгө аракет кылып, билим алууга умтулгандар чыныгы ийгиликтүү инсандар. Малика "Адам дайыма өсүп, өнүгүп турушу керек" деген ураан менен жашап келе жатат. Ал буга чейин IT, "Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын укугун коргоо", "Эл алдында эркин сүйлөө" сыяктуу бир канча курстарда окуган.

*"Дайыма изденип, жаңы нерселерди үйрөнүүгө аракет жасайм. Өнүгүү менин өзүмдү да, жашоомду да өзгөртөт. Мисалы, эл алдына чыгып сүйлөгөндү үйрөткөн курстардан кийин жашоомдо бурулуш башталды десем болот. Мурда өзүбүздүн мектепте алып баруучу болчумун, ораторлук курстан кийин башка иш-чараларды да алып бара баштадым. Эл алдында эркин сүйлөгөнүм жакшырды, мунун жардамы менен көптөгөн досторду таап, алып баруучулук жагынан өзүмдү өнүктүрө баштадым. Менимче, алып баруучулук бул - чоң жоопкерчилик. Анткени, кандайдыр бир майрам же башка иш-чара болобу кызыктуу өткөрүү анын мойнунда. Алып баруучу сахнада катышуучуларга кандай маанай тартууласа, майрам ошондой маанайда өтөт".*

## "ЭҢ КЫМБАТ АДАМЫМ"

Каармаыбыз Малика Халикова маегибиздин башында үй-бүлөдө жалгыз кыз экенин, ушул даражага жетишине апасынын эмгеги чоң экенин баса белгилеп өттү.

*"Апамдын аты Райхан. Ал 55 жашта. Менин бул даражага жетип, ушундай ийгиликтерди багындырганыма апамдын мага болгон мээрими, ишеничи жана эмгеги түрткү болду десем болот. Апам менин эң кымбат жана алмаштыргыс эң жакын адамым".*

## "БУЮРСА УНИВЕРСИТЕТКЕ ТАПШЫРАМ"

2019-2020-жылы пандемия учуру болуп ЖОЖго тапшыра алган эмес. Университетке тапшыруу анын эң чоң кыялы. "Келечекте ким болууну каалайсыз?" деген суроону узатканыбызда, "Мен келечекте мыкты психолог болгум келет. Анткени, психология бул – адамдын жан дүйнөсүн ачканга жардам берет. Ошондуктан жеке өзүм адамзатка аз болсо да психология жагынан жардам берем деген оюм, тилегим бар" - деп жооп берди.

## "КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР БУЛ - УБАКТЫЛУУ"

Тоскоолдуктарды жеңип өткөн Малика Халикова: "Биздеги азыркы кыйынчылыктардын баары өтөт. Аллахым ал сыноолорду бизди сынаш үчүн жөнөтөт. Биз бул жашоого жөн келген эмеспиз. Менин дагы же башка бир жөнөкөй адамдын да өзүнүн миссиясы болот. Болгону аны ачыш керек деп ойлойм. Мен ушу кезде бир нерсени толук түшүндүм. Адам баласы өзүнө-өзү чек коюп коёт экен. Мисалы: "мен бул нерсени кыла албайм" десең мээге сигнал жөнөтөсүң. Анан дал ошондой түшүнүк мээде калыптанып калат. Тескерисинче, эгер кыйынчылыктардын убактылуу экенин ойлоп, өзүңө ишенсең, буюрса сөзсүз ийгиликке жетесиң" - дейт.

**Мехрафруз НАБИЕВА**

## КОНФИСКАЦИЯЛАНГАН, ЭЭСИ ЖОК ЖАНА КАРООСУЗ МҮЛКТӨРДҮ МАМЛЕКЕТТИК МЕНЧИККЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖАНА ЖОК КЫЛУУ ТАРТИБИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АЙРЫМ ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 69-беренесин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 540-беренесин, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 108-беренесин, "Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 95-беренесин ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 91-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Салык органдары кабыл алган, бирок ушул токтом күчүнө кирген учурда сатылбай калган мүлктөр ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн Жобонун 16-пунктуна ылайык алардын компетенциясына ылайык ыйгарым укуктуу органдарга өткөрүп берилүүгө тийиш.

**3.** Ушул токтомдон келип чыккан бардык чыгымдар, тиешелүү жылга каралган мамлекеттик органдардын каражаттарынын чегинде жүргүзүлөт деп белгиленсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №302 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы жөнүндө жободо:

14-пункттун 3-пунктчасынын он төртүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-майындагы №291 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жободо:

12-пункттун 1-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы он сегизинчи абзац менен толукталсын:

"- конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү эсепке алууну жүргүзүү;";

13-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 25[1]-пунктча менен толукталсын:

"25[1]) конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү эсепке алууну, анын ичинде башка мамлекеттик органдарды, жеке жана юридикалык жактарды тартуу менен жүргүзүү;".

**6.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-октябрындагы №575 "Конфискацияланган, ээси жок жана мурастоо укугу мамлекетке өткөн мүлктү эсепке алуу, баалоо жана сатуу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 29-сентябры, №515***

## ИШКЕРДИКТИН СУБЪЕКТТЕРИНЕ ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮГӨ УКУГУ БАР ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ОРГАНДАРДЫН ТИЗМЕГИН ЖАКТЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын системасындагы функциялык жана түзүмдүк өзгөрүүлөргө байланыштуу, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмеги (мындан ары - Тизмек) тиркемеге ылайык жактырылсын.

**2.** Бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн Тизмек Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жиберилсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмегин бекитүү жөнүндө маселени кезексиз тартипте кароо суралсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министри аталган Тизмек Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий өкүлү болуп дайындалсын.

**5.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы №310 "Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмегин жактыруу жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-сентябрындагы №510 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттиктин маселелери жөнүндө" токтомунун 7-пункту.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 29-сентябры, №516***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 25-АПРЕЛИНДЕГИ №220 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ТАРМАКТАРЫН ЖАНА КАЛКЫН 2023/2024-ЖЫЛДАРДЫН КҮЗ-КЫШ МЕЗГИЛИНЕ ДАЯРДОО ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Көмүргө жана мазутка баалардын туура түзүлүшүнө жана аларды чарбакер субъекттер тарабынан колдонулушуна мамлекеттик контролдун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги №220 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2023/2024-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 5-пункттун 3-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3) Балыкчы шаарынын жүктөө-түшүрүү аянтчасында темир жол транспортуна көмүрдү кайра жүктөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасы берген материалдарга (эсептөөлөргө) ылайык белгилесин, ал Көмүр казуучу компаниялардын шериктигинин бардык катышуучуларына жайылтылат;";

2) төмөнкүдөй мазмундагы 5[1]-пункт менен толукталсын:

"5[1]. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы төмөнкүлөргө укуктуу:

1) күйүүчү-майлоочу жана башка сарпталуучу материалдардын наркы өзгөргөн (көбөйгөн же азайган) учурда 5-пункттун 1, 3, 4-пунктчаларына ылайык белгиленген бааларды (кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын) кайра карооого (кайра бекитүүгө);

2) 5-пункттун 1, 3, 4-пунктчаларына ылайык белгиленген бааларды (кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын) түзүүнүн жана колдонуунун тууралыгына мамлекеттик контролду жүзөгө ашырууга.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 5-октябры, №519***

## ГЕОГРАФИЯЛЫК КӨРСӨТМӨНҮ ЖЕ ТОВАР ЧЫГАРЫЛГАН ЖЕРДИН АТАЛЫШЫН КАТТОО ЖАНА ПАЙДАЛАНУУГА УКУК БЕРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Товардык белгилер, тейлөө белгилери, географиялык көрсөтмөлөр жана товарлар чыгарылган жердин аталыштары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 34, 36, 37-беренелерин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) географиялык көрсөтмөнү же товар чыгарылган жердин аталышын мамлекеттик каттоодо, ушундай каттоого өтүнмөгө төмөнкүлөр жөнүндө ырастоочу документтер же тиешелүү түрдө корутунду тиркелет:

- географиялык көрсөтмө катары каттоого берилген географиялык объекттин чегинде товардын аныкталган сапатынын, беделинин жана/же башка мүнөздөмөлөрүнүн олуттуу даражасы анын географиялык келип чыгышы менен аныкталат;

- товар чыгарылган жердин аталышы катары каттоого берилген географиялык объекттин чегинде өтүнмө ээси анын өзгөчө касиеттери ушул географиялык объект үчүн мүнөздүү болгон жаратылыш шарттары жана/же адам факторлору менен өзгөчөлөнгөн товарды чыгарат;

2) мурда катталган географиялык көрсөтмөгө же товар чыгарылган жердин аталышына пайдалануу укугун берүүдө ушундай каттоого өтүнмөгө географиялык көрсөтмө же товар чыгарылган жердин аталышы катары катталган географиялык объекттин чегинде өтүнмө ээси Кыргыз Республикасынын географиялык көрсөтмөлөрүнүн жана товар чыгарылган жерлеринин аталыштарынын мамлекеттик реестринде аталган өзгөчө касиеттерге ээ болгон товарды чыгара тургандыгы тууралуу ырастоочу документтер же тиешелүү түрдө корутунду тиркелет.

**2.** Ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн ырастоочу документтерди же корутундуларды төмөнкү мамлекеттик органдар берет:

1) геология жана жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - минералдык жана органикалык пайдалуу кендерди казып алууга карата;

2) саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - дары ылайларга, минералдык ичүүчү дарылык, ичүүчү-дарылык, минералдык табигый ичүүчү сууларга, туздарга, дары өсүмдүктөрүнө жана аларды пайдалануу менен даярдалган продукцияларга карата;

3) айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - айыл чарба продукциясына жана тамак-аш продукциясына карата;

4) маданият чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - элдик көркөм кол өнөрчүлүк буюмдарына жана музыкалык аспаптарга карата;

5) этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик контролду жүргүзүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - алкоголдук жана спирт камтылган продукцияларга карата;

6) тиешелүү аймактык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары - өтүнмө ээсинин географиялык көрсөтмө катары билдирилген географиялык объекттин аймагында жүргөндүгү жана өндүрүштүк иши (өндүрүштүн бир же бир нече стадиясын) жүзөгө ашыргандыгы тууралуу ырастоосу.

**3.** Ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар да төмөнкүлөрдү ырастоочу документтерди же тиешелүү түрдө корутундуну берет:

- бул географиялык объект үчүн мүнөздүү болгон шарттардын жок болуп кетишин жана катталган географиялык көрсөтмөгө же товар чыгарылган жердин аталышына карата өзгөчө касиеттерге ээ болгон товарды чыгаруунун мүмкүн эместигин;

- Кыргыз Республикасынын географиялык көрсөтмөлөрүнүн жана товар чыгарылган жердин аталыштарынын мамлекеттик реестрине өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн негиздүүлүгүн жана зарылдыгын.

**4.** Ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар 1, 2-тиркемелерге ылайык типтүү формаларды пайдалануу менен функциялык милдеттеринин алкагында, ушул токтомдун 1-3-пункттарында көрсөтүлгөн маселелер боюнча ырастоочу документтерди берсин.

**5.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 28-ноябрындагы №743 "Товар чыгарылган жердин аталыштарын коргоо маселелери жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 12-январындагы №18 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 3-пункту.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 5-октябры, №520***

## БААЛУУ МЕТАЛЛДАРДЫ ЖАНА БААЛУУ МЕТАЛЛДАРДЫ КАМТЫГАН ЧИЙКИ ЗАТТЫК ТОВАРЛАРДЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНАН ТАШЫП ЧЫГУУГА САНДЫК ЧЕКТӨӨЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин Үчүнчү өлкөлөргө карата тарифтик эмес жөнгө салуу чаралары жөнүндө протоколунун X бөлүмүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күн өткөндөн кийин Баалуу металлдарды жана баалуу металлдарды камтыган чийки заттык товарларды Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагына ташып келүү жана Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынан ташып чыгуу жөнүндө жобого (Евразия экономикалык комиссиясынын Коллегиясынын 2015-жылдын 21-апрелиндеги №30 "Тарифтик эмес жөнгө салуу чаралары жөнүндө" чечиминин 14-тиркемеси) ылайык бир тараптуу тартипте бажы аймагынан тышкары кайра иштетүүгө бажы жол-жобосунун негизинде баалуу металлдарды жана баалуу металлдарды камтыган чийки заттык товарларды, ЕАЭБ ТЭИ ТН 7106, 7107 00 000 0, 7108, 7109 00 000 0, 7111 00 000 0 товардык позицияларына Кыргыз Республикасынын аймагынан 500 кг ашык эмес көлөмдө ташып чыгууга алты айлык мөөнөткө сандык чектөөлөр киргизилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн сандык чектөөлөр киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы тышкы экономикалык иштин катышуучуларынын баалуу металлдарды жана баалуу металлдарды камтыган чийки заттык товарларды бажы аймагынан тышкары кайра иштетүүгө арыздарын кароодо жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаменти мамлекеттик контролду ишке ашырууда ушул токтомдун 1-пунктунда белгиленген сандык чектөөлөрдү так сактасын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 22-мартындагы №147 "Баалуу металлдарды жана баалуу металлдарды камтыган сырьёлук товарларды Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгууга сандык чектөөлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 5-октябры, №521***

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



## АК-ТИЛЕК-2 ЖАҢЫ КОНУШУНА ГАЗ БЕРИЛДИ

Борбор калаада жакшы саамалык орун алып, Ак-Тилек-2 жаңы конушуна жаратылыш газы берилди. 216 үй кышында газ менен жылытуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жаңы конуштун жашоочулары көгүлтүр отунга кошулууга шарт түзгөндүгү үчүн шаар жетекчилигине жана «Газпром Кыргызстан» ЖЧКсына ыраазычылыктарын билдиришти. Белгилей кетсек, буга чейин 45 миң үй газга туташкан болчу. Учурда 11 конушту газдаштыруу иштери аяктоо үстүндө турат, жыл аягына чейин 10 миң үйгө газ берилмекчи. Бишкек мэри Эмилбек Абдыкадыров 2024-2025-жылдары шаар толугу менен газга өтөрүн билдирген.

## ЗИЛЗАЛАДАН НАБЫТ БОЛГОНДОР 2400ГӨ ЖЕТТИ

Ооган өкмөтүнүн Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин өкүлү 7-октябрдагы жер титирөөдөн набыт болгондордун саны 2400гө жеткенин кабарлады. Ага катар, он миңден ашуун киши жаракат алып, эки миңден көп турак жай талкаланды. Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк программасынын өкүлдөрү зилзаладан жабыркаган аймактарга гуманитардык жардам жеткирүүнүн аракетин көрүп жатышат. Ал эми Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун өкүлдөрү табият кырсыгынан жабыркагандарга жардам беришүүдө. Уюмдун маалыматына караганда, жабыркагандар 11 миңден ашты. Зилзаланын очогу Иран менен чектешкен Герат провинциясынан 40 чакырым алыста жайгашкан жерде болду. Аймакта 1,9 млн киши жашайт.

## КӨЛБАЕВДИН 1 МЛРД ДОЛЛАРЛЫК МҮЛКҮ КАМАККА АЛЫНДЫ

Куралдуу каршылык көрсөтүү учурунда жок кылынган "кримтөбөл" Камчы Көлбаев жана анын жан-жөкөрлөрү тарабынан опузалап жана рейдерлик жол менен басып алган мүлктөрдү жана активдерди мыйзамдаштырууга катышкан кылмыштуу топтун 40тан ашык активдүү мүчөлөрү жана лидерлери УКМК тарабынан кармалып, сурак берүүдө. Изине үңүлсөк, 2008-жылдан бери карай Көлбаев "кылмыштуу империяны" түзүп, мыйзамсыз түрдө байыган. Кылмыштуу мүлкүн коргоо үчүн коопсуздук агенттиктерин ачып, заманбап ок атуучу куралдар жана техникалар менен жабдылган куралдуу топторду түзүшкөн.

Азыр "мыйзамдагы ууру" аталган Көлбаевдин, анын жакындарынын жана жанжөкөрлөрүнүн мыйзамсыз мүлктөрү саналууда. Камакка алынган 850дөн ашык кыймылсыз мүлктөрдө: хансарайлар (особняктар), коттеджер, элиталык клуб үйлөрү, курулуп жаткан имараттардагы көптөгөн батирлер, эс алуу борборлору, пансионаттар, ресторандар, жер тилкелери, ат сарайлар, аңчылык жерлер, 60тан ашык кымбат баалуу люкс үлгүсүндөгү унаалар, анын ичинде брондолгондор, зер буюмдар жана башка мүлктөр бар. Тергөөнүн маалыматы боюнча, Көлбаевдин мүлкүнүн бир бөлүгү мамлекеттик менчиктен мыйзамсыз чыгарылган жана таза иштеген ишкерлерден тартып алынган. Аларды тиешелүү мамлекеттик органдарга жана жабыркаган адамдарга кайтаруу иштери жүргүзүлөт. Курулуп жаткан эки эле имаратта Көлбаев 700дөн ашык батирге ээ болгон, алар мамлекетке өткөрүлөт. Мүлкүнүн алдын ала эсептелген жалпы баасы 1 млрд долларды түздү.

**Зулпукаар САПАНОВ**

### Руслан САЛЫКОВ:

# "Мыкты ветеринар таланттуу жана сезимтал болушу керек"

"Ар бир кесип ардактуу" – демекчи, дүйнө жүзүндө 40 миңге чукул кесип бар. Кесип адам баласынын жашоосунда чоң орунду ээлеп, турмушта жаралган муктаждыктардын эсебинен улам пайда болот эмеспи. Ошондой кесиптердин бири болгон ветеринария – бизге кандай кызмат көрсөтөт жана жалпы эле тармактагы абал тууралуу Салыков Руслан агай менен маектешкенбиз.



**- Руслан агай, биринчиден өзүңүз тууралуу маалымат берип өтсөңүз?**

- Мен учурда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ветеринария факультетинде окутуучу профессор болуп эмгектенем. Көбүнчө 3-4-курстун студенттерине фармакология, токсикология, энтомология, паразитология боюнча сабак берем. Аталган университетте иштегениме 14 жыл болду. Ветеринария жаатында эмгектенгениме 46 жыл толуптур.

**- Агай, айтсаңыз, ветеринария кесибинин адам баласынын жашоосуна тийгизген таасири канчалык?**

- Ветеринария жаатындагылар көп колдонгон жана ар дайым айтып жүргөн бир сөз бар: "Медицина адамды дарыласа, ветеринария адамзатты дарылайт." Бул сөздү окумуштуу Павлово тиешелүү деп жүрүшөт. Жалпы эле адамзаттын жашоосу, ден соолугу негизинен анын эмне менен азыктангандыгына жана ошол азыктын сапатына байланыштуу болот эмеспи. Ал эми азыктын сапатына биз тамакка колдонгон жандыктардын жакшы шартта кармалуусу түздөн-түз таасир этет. Ошол жандыкка, малга тиешелүү болгон көйгөйлөрдүн, оорулардын алдын алуу ветеринарлардын колунда. Базарда эт, сүт, мал азыктары сатылып жаткан жерлерде атайын ветврачтар иштешет. Алар тынымсыз баарын көзөмөлгө алып, текшерүүдөн өткөрүп турушат да, азыктын жарактуу, жарактуу эмес, талапка жооп берип, бербегендигине карап сатууга уруксат беришет.

**- Менимче ар бир кесипке тиешелүү белгилүү бир сапаттар болсо керек. Мыкты ветеринар кандай сапаттарга ээ болушу керек деп ойлойсуз?**

- Менин оюмча мыкты ветеринар жаратылышынан таланттуу жана сезимтал болушу керек. Анткени алар жандыктарды дарылайт, ал эми жаныбар адамдай болуп кайсыл жери ооруп жаткандыгын түшүндүрүп, көрсөтүп, айтып бере албайт. Ал жакшы адис катары диагнозду туура коюп, малдын оорусун туура аныктай алат. Малдын оорусун убагында таба билген адам, аны кыска мөөнөттө ыкчам дарылап коёт.

**- Жандыктарды дарылоо оңой эмес деп калдыңыз. Аларда кандай оорулар болот жана адам үчүн бул коопту убу?**

- Тилекке каршы көбүнчө адамдын ден соолугу үчүн өтө коопту оорулар чындыгында эле малдан жугат. Баарын айтып отурсак, ал өзүнчө бир чоң тема болгондуктан мен 2-3 оорунун түрүн гана айтып өтөйүн. Алсак, бруцеллёз, туберкулёз жана кийинки кездерде өтө актуалдуу болуп жаткан эхинококкоз. Бруцелёз – жуккан адамдын нерв, жүрөк-кан тамыр системасын жана сөөкмуундарын жабыркатууучу жугуштуу илдет. Ал эми туберкулёз (кургак учук) – бул малдын, кишинин көбүнчө өпкөсүндө жана лимфа түйүндөрүндө сезгенүүдөн пайда болгон майда бүдүрлөр менен мүнөздөлгөн жугуштуу оору. Бруцеллёз менен туберкулёзду дарылоо өтө кыйынга туруп, көп убакытты талап кылса, эхинококкозду ачыгын айтканда толук дарылоо дээрлик мүмкүн эмес. Анткени эхинококкоздо жалпысынан айтканда дээрлик бардык ички органдар жабыркайт. Өтө коркунучтуусу бул – мээнин жабыркашы. Андан кийин бөйрөк менен өпкө көп жабыркайт да бардык ички органдарга тарап кетет. Бул адамга көбүнчө иттен, мышыктан, айрым учурларда, өтө сейрек кездешет, чычкандардан дагы жугушу мүмкүн. Көчөдөгү жолбун ит-мышык менен балдар ойноп, колу менен кармаган учурда өзүнө жугузуп алат. Себеби алар убагында дарыланган эмес. Оору козгогучтун майда, көзгө көрүнбөгөн жумурткалары көбүнчө ит-мышыктын сырткы терилеринде, ооз, көз, башынын айланасында кездешет. Ал адамдын оозу аркылуу организмине түшөт да, өрчүй баштайт. Дарылоодо бир нече жолу операция жасалат да, адам өмүрүнүн аягына чейин майыптыкка кабылып, ар дайым дарыланып турууга аргасыз болот. Мына ушул сыяктуу коркунучтуу ооруларды малдан, мал азыктарынан, же болбосо мал менен иштөөдө адам өзүнө жуктуруп алышы мүмкүн. Ошондуктан өтө этияттык менен, сак болуп, эрежелерди так билишибиз керек. Ветврачтар иштеген жеринде өзүнүн күнүмдүк жумушун гана аткарып жүрө бербүүдөн тышкары, сөзсүз түрдө элди чогултуп, адам мал менен иштөөдө кандай ооруларды жугузуп алуулары мүмкүн, кандайча жол менен жугат, кантип тарап кетиши мүмкүн, аларды кандайча алдын алуу керек деген суроолорго жооп берип, өзү жашаган жердеги элдин саламаттыгын коргоого милдеттүү.

**- Технологиянын өнүгүшү ар бир кесипке өз таасирин тийгизүүдө. Ветеринарияга заманбап технология кандай өзгөрүүлөрдү алып келди?**

- Туура айтасыз, технологиянын өнүгүшү башка багыттарга өз таасирин тийгизгендей эле ветеринария тармагына дагы кыйла таасир этти. Ошол эле рентген, узи, томография аппаратынын жаңы ыкма, жаңы түрлөрү, канды изилдөөдө жаңы технологиялык жабдуулар, жаңы дары каражаттары келди. Алар колдонууга ыңгайлуу жана кыска мөөнөттө майнаптуу жыйынтык алууга чоң түрткү болушат. Бул албетте, илим менен техниканын токтоосуз өнүгүп жаткандыгына байланыштуу.

**- Агай, 46 жылдык тажрыйбаңызда кесибиңизге байланышкан кызыктуу окуялар көп эле болгондур. Эсиңизде калган окуя менен бөлүшүп өтсөңүз?**

- Ветеринарияда кызыктуу окуялар көп эле болот. Суроонуздан улам азыр эсиме түшө калган бир окуяны айтып берейин. Мен жаш, жаңы бүтүп келген кезимде циркке ветеринар болуп жумушка орноштум. Ошол кезде Казакстандан гастролго келген бир жигит "Менин жыланым ооруп жатат, көрүп бериңизчи", - деп келип калды. Макул болуп, бирок башында оорусун так аныктай алган жокмун. Ага кечинде дагы бир келип карап, дарылай баштарымды айттым. Ал убакта азыркыдай интернет жок. Китепканадан жыландардын оорулары тууралуу карап, оюмду тактаган соң дарылоону баштайын дедим. Бир убакта мага Москвадан академик жетекчим чалып жаткандыгын айтып калышты. Сүйлөшүп жатып баягы жылан эсиме келди да, сөз ортосунда капыстан эле "Эмне кылсам болот, бир антибиотик сайып коёюн деп жатам", - деп калдым. Жетекчим чочуп кетти. "Жок, жыланга ийне сайбайт! Аны дарыга чылайт!" - деди. Биз болсо негизинен айыл чарбада өлкөбүздө багылган малдар жөнүндө көбүнчө окугандыктан, аз жерден жыланга ийне сайып чоң мүчүлүштүк кетирип ала жаздагам. Ошентип жыланды 4-8 саат дарыга чылап, айыктырдык. Андан кийин кандай гана жандыкты дарылабайын, өтө этият болуп калдым. Жаныбарлар дүйнөсү кең да, түркүн. Ошондуктан ар кандай кызыктуу абалдар, түрдүү шарттар жаралып калат жана аларды дарылоонун дагы өзгөчөлүктөрү болот.

**Алтынай НУРДИНОВА**

ЭСИМДЕ
www.erkin-too.kg

**КРнын эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси Муратбек БЕГАЛИЕВ:**

# "АЙТМАТОВ ЖҮРӨГҮ СҮЙГӨН КИШИГЕ ЖЫЛУУ СӨЗҮН АЙТКЫСЫ КЕЛСЕ КЕРЕК"



**- Кыргызстандагы алгачкы жана жалгыз улуттук консерваториянын ачылганына быйыл отуз жыл толуптур. Даталуу күндү белгилегенге кандай максат-тилектериңиздер бар?**

- Отуз жылдыгыбызды быйыл белгилейли деген тилегибиз бар эле, бирок мамлекеттик деңгээлдеги маарекелик иш-чаралардын тизмесине кирбей калганына байланыштуу, кийинки жылга жылып кетти. Буюрса, жазында кеңири алкакта өткөрөлү деген ниетибиз бар. Андан сырткары, отуз жылдыкка карата чоң жаңылыгыбызды, кубанычыбызды бөлүшөйүн деп турам. Өкмөттүн жардамы менен дүйнөдөгү эң алдыңкы, эң күчтүү "Стейнвей" деген роялды алып төбөбүз көккө жетип турган учурубуз. Кыргызстанда мындай аспап буга чейин жок болчу. Бул аспапты билгендер аларыбызга ишенген жок. Анткени, "Стейнвейдин" баасы 1,2 миллион еврого чейин жетет. Бул америкалыктардын ойлоп чыгарган аспабы. Биз бир нече жылдан бери алар менен таанышып, келишим түзүп жүргөнбүз. Биздин өкмөтүбүз профессионал өнөрпоздорду баалап, каражат бөлүп бергенине абдан ыраазы болдум.

**- Биздеги алгачкы улуттук консерваторияны ачуу идеясы сизге кандайча келип калды? Сиз ал кезде болгону 38 гана жашта болгон экенсиз. Кыйынчылыктар да болгондур дегендей...**

- Париж консерваториясы дүйнөдөгү абдан чоң маданий очоктордун бири. Дүйнөнүн төрт тарабынан сүрөтчүлөр, композиторлор ж.б. чыгармачыл адамдар келишет. Улуу композиторлорду да такшалмадан (стажировка) көрдүм. Мен кыйын дегендин баары менен бирге билим аласың, алардан артта калбаш үчүн аракет кыласың дегендей... Далай чыгармаларым жазылып, ноталарым чыгып, кыялым алда кайда учуп жүргөн учурумда Советтер Союзу кулай баштаган экен. Күн сайын теледен Кыргызстанды көрсөтүп баштады. Баягы ак элечек кийген сөөлөттүү энелер көчөдө калама, лимонад сатып отуруп калыптыр. Көзүмө жаш келип, "мен бул жакта бал муздак жеп, классикалык музыка угуп жыргап жүрсөм, кыргыз элим кыйын күндү башынан кечирип жаткан тура. Кой, жок дегенде бир жагынан жардам берейин" деп ойлодум. "Меридиан" деген уюм мага Америкага барганга жол ачып берип жаткан. Андан убактылуу баш тартып, баарына кайыл болуп мекениме келсем, жаңы бийлик пайда болуптур. Чет жактан куржунга сала келген баалуу документтеримди чогултуп, туңгуч Президент Аскар Акаевичке кирдим. "Профессионалдуу музыканы өстүрүш үчүн консерватория ачышыбыз керек. Ал эми аны өлтүрүп алыш беш эле мүнөттүк иш" деген ойлорумду айтсам, "абдан жакшы оюңуз бар экен, муну сөзсүз жүзөгө ашыруу керек" деди. Ал дагы билимдүү, музыканы абдан жакшы көргөн адам эмес беле. Бир жарым жылдай талаштартыш болуп, айрымдар бул максатыбызга тоскоол болгонго аракет да кылып көрүштү. "Эмне үчүн ушул жакта жүрүп биз ачпайбыз дагы, бир жаш бала келип биздин ишти баштай калат?" деп кызгангандар болду. Бирок профессионал музыкага күйгөн Болот Миңжылкыев, Кайыргүл Сартбаева, Самара Токтакунова га окшогон инсандар тегерегимде дем берип, колдоп турушту. Анткени, консерватория түбөлүктүү. Ар бир мамлекеттин классикалык музыкасы асмандап турса, элдик музыкасы жоголбойт, өчпөйт. Казынадагы элдик ырлардын жашоосун улап, өмүрүн узартыш үчүн профессионал музыканттар керек. Элдик музыкаларыбызды симфонияга салып, нотага түшүрүп, келечекке сакташыбыз керек. Профессионал ырчыларды, музыканттарды бир гана консерватория тарбиялап чыгара алат. Консерваториядан окуп билим албаган артист, музыкант чоң сахналарга, дүйнөлүк сахналарга чыга албайт. Бул ачуу чындык.

**- Сизди улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов "Муратбек - музыканын генийи" деп айткан дешет.**

- Анык гений Айтматов өзү. Мен өзүмдү генийmin деп эсептебейм. Балким көңүл улаппы же көп жылдык байланыштын таасиринен улам айтылдыбы, билбейм. Жүрөгү сүйгөн кишиге жылуу сөзүн айткысы келсе керек. "Кандай аял тууду экен, Муратбектей уулду? Ыя, Мурат, сенин апаңды бир көрсөм болот эле" деп тамашалап калчу. Кийин апамды көрүп "атаңыз менен жолукпай калдым, апаңыз мыкты киши экен, сиз ушу адамдарды тарткан турбайсызбы" дегени эсимде.

**- Улуу жазуучу менен турмуштун кандай кырдаалында таанышып, жакшы алакаңыздар качан башталды эле?**

- Албетте, Чыкемдин чыгармаларын бала кезимде көп окуп, алгачкы тааныштыгым ошондо башталган. "Чыңгыз чыкты чыңырып, Чыгыштын баарын кыдырып" дегендей, жазуучу Чыңгыз дагы бүтүндөй жер шарын селт эттире чаңырып чыкканда, ар бир чыгармасын окуганга жанталаша шашчу элек. Андан сырткары "Миң бир түндөн" тартып оголе көп жазуучулардын чыгармаларын жан дүйнө куржунума салдым. Өзү менен Москванын алдындагы Барвиха деген шаарчадан Төлөмүш Океев таанышырган эле: "Кожожаш" тасмасын тартканы жатам, сен композитор болуп бер деп алып барган. Мен ал кезде консерваториянын студенти болчумун. Түштөнгөнү барсак, залды карап эле "Ой, Чыкем отурган турбайбы" деди. Мен кол сунуп саламдашкандын ордуна кыргызды көргөнүмө кубанып кетип, түз эле кучакташтым. "Бул жакта билим алып жаткан турбайсыңбы, азамат " деп жылуу сөзүн айтканы менен тереңден таанышкан жокпуз ал жолу. Ортодон убакыт өтүп, окуумду аяктап Кыргызстанда жүрөт элем. Бир күнү Турдакун Усубалиев чакырткандан барсам ал киши: "Эмне үчүн чакырганымды билдиңби?" деп блокнотун көргөздү. Менин фамилиямды ар жолу уккандa ар башкача кылып 12 жолу жазып алыптыр. Кетээримде: "бул жакка киргендин баары бир нерсе сурачу эле. Сизге эмне керек, тартынбай ачык айта бериңиз" деди. "Концертимди берейин деген ниетим бар эле. Жакшы болсо жакшы дедиңиздер. Жаман өтүп калса унчукпай эле коюңуздар, жашыруун бойдон калсын!" десем: "О-ой, бул жигит кызык. "Шаарда үйүм жок, үй-жайга жардам берип коёсузбу" дейт го десем..." деп башын чайкап күлдү. Ошол замат эле "жаш композитордун концертин өткөргүлө" деп тапшырма берди. Турдакун Усубалиевич өзү Москвага кеткенине байланыштуу концертиме катыша алган жок. Ошентип эң алгачкы концертим Фрунзеде өтүп жатканда турмушумда чоң окуя болуп кетти. Концерттин аягында Асанкан Жумакматов мени сахнага чакырды. Ал учурда жарык көзгө, бетке түз тийип, залдагы жыкжыйма эл көрүнчү эмес. Жүгүнүп жатсам Жумакматов мага күбүрөгөндөй болот, улам "Чыкем, Чыкем..." деп коёт. Карасам бир 7-8 жаштардагы кичинекей татынакай кыз гүл сунуп, аркасында Чыңгыз Төрөкуловичтин жүзү көрүндү. Көрсө, Чыңгыз ага кызы Ширинди көтөрүп алып мага гүл бердирип жатыптыр. Бир тал гүлү дагы укмуш экен, башы чоң келип, күн тийгендей болуп турат экен. Аны чуркап барып ала койдум. Ал кезде мен дагы аябай эмоционалдуу элем, сахнадан жазуучунун жанына секирип түшүп, кучакташып көрүштүм. Келгенине абдан ыраазы болдум. Анткени, концертке чакыруу берген эмес элем. Өзү жарнамадан угуп калып үй-бүлөсү менен келиптир. Ширинди көтөргөн бойдон көрүүчүлөрдү жарым саатка жакын кол чаптырып турду.

**- Жүз, балким миң жылда бир жаралган калемгерден кандай баалуу нерселерди ала алдыңыз?**

- Ошол күндүн эртеси эле үйүнө чакырды. "Кел, чай ичели, иним. Сенин келечегиң жарык экен. Мындан ары жакшы мамиледе болуп жүрөлү. Музыкаң бизге аябай жакты. Мен далай жолу чет өлкөдө жүргөндө уккан элем, сен жөнүндө. Муке, эми сага ак батамы берейин" деп батасын берди. Андан кийин өмүрүнүн акырына чейин кадырлаштык. Нечен кымбат күндөрдү өткөрдүк. Мен Москвадан окуумду бүтүп келип, увертюрамы жазып жаткам, ошону бүтүрө коёюн деп композиторлор союзуна барсам Москвадагы Переделкино деген чыгармачыл адамдардын эс алуу жайына барып жазып кел деди. Келинчегим экөөбүз барып жаңы эле орун алып жатсак Чыңгыз Төрөкулович өтүп баратат. Жанында далдайган жан сакчылары бар. Ал учурда Горбачёвдун кеңешчиси эмес беле. "Ой, сен кайдан? Муратбексиңби?" деди. Биз турган үйлөр чоң короодо экен, анын ичинде эки-үч дача бар. Эң чоңу Чыкемдики, эң кичинекейи меники. Ал жерде бир жарым жылдай кошуна болуп турдук. Ата-баладай болуп эки үй-бүлө үч маал чогуу тамактанабыз. Кечкисин жетелешип алып Переделкинону кыдырабыз. Кышкысын чокой, ичиктерди кийип алып сырдашканча басабыз. Күндүзү жумушка кетет ал киши. Мен олтурам пианинону даңкылдатып... Терезебиз тиктешип турат. Түнкүсүн Чыкемдин чоң терезесинен балбылдап жарык чачат. Чыкемдин иш бөлмөсү экинчи, менин иш бөлмөм биринчи кабатта. Ал киши чыгармасын жазып отуруп чарчаганда терезени ачат дагы, эки колун желкесине алып керилет. Анан мага кол булгайт. Мен терезени ачам да "кеттикпи-и–?" деп ишаарат кылам. Ал "коё тур" дегендей кылып колун кайчылаштырат же "бери кел" дегендей жаңсайт. Үйдөн кофе же айран ичип алып кезектеги сейилге акырын чыгабыз. Жолдо бейит-шаарча бар. Өтүп баратканда токтой калып: "Мурат, кол менен көрсөтпөйт мазарды, бирок бул жерде кимдер жатат билесиңби? Анна Ахматова, Пастернактар ушул жерде" дегени эсимде. Кийин мени Евтушенко, Вознесенскийлер менен тааныштырды. Ал улуу акындар дагы күнү бүткөндө ошол көрүстөнгө жатышты. Улуу жазуучу чыгармачылыгында кандай бийик болсо, турмушунда дагы кең пейил, берешен жан эле. Өзү ичимдикке жок болчу. Бирок менин кызыл колбаса менен пивону сүйөрүмдү байкап алыптыр. Бир күнү аркасынан дүкөнгө барсам кымбатын, сапаттуусун бер деп сурап жатат дагы, мага эле чактап эмес, үйүп-жыйып алып жатат. Советтер Союзунун элчиси кезинде он күнгө келсем, кетиргиси келбей бир айга алып калса болобу. Чоң банктардын ичинде өтүүчү музыка дүйнөсүнүн дөөшаалары катышкан жабык концерттерге алып барып жүрдү.

**- Залкар жазуучунун өмүрүнүн соңку мезгилдери эсиңизде барбы?**

- Акаевдин учурунда министрлик кызматты аткарып калдым. Ошол мезгилде эң биринчи сыйлыкты Швецария мага жибериптир. Мен "Чыңгыз Төрөкулович алмайынча мен албаймын" дедим. Ошентип биринчи сыйлык Чыкеме ыйгарылды. Дүйнөдөн кайтар кезинде "уулум Элдардын өкүл атасы сенсиң" деп өкүл ата койду бизди. Азыр өкүл уул-кызыбызга улуулук акылыбызды айтып турабыз. Ал киши каза болгондо Төлөгөн Касымбеков экөөбүздү таңкы саат жетиге радио маекке чакырышты. Ошондо Төкөм: "Бүт дүйнөдөгү чыгармачыл адамдардын баары биригип турүп, бир убакытта өкүрсөк Кудайга жетет беле үнүбүз?! Улуу адам кетти, тоо кулады!" деди. Мына, улуулуктун белгиси.

**Афина БАКИРОВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ӨМҮР СЕРЕСИ-55
www.erkin-too.kg

# “ДАРАК БИР ЖЕРДЕН КӨГӨРӨТ”

***Кулбашева Анаркүл Курмановна Кут даарыган Сары-Өзөндүн Төш-Булак айылында жарык дүйнөгө келген. Наристе төрөлөргө жакын жаз баш багып, алма бактар бүрдөп, айлана жашарып, коздукка бөлөнө баштаган. Ошол 1968-жылдын 14-март күнү ыңаалап бөбөк жерге түштү. “Сүйүнчү, сүйүнүчтөр» айыл аралап жаңырып жатты. Башка баш кошулган кандай жакшы. Андан бери билинбей 55 жыл сызыптыр.***



Балалыгы балдай таттуу, окуучулук күндөрү күүдөй жаңырып, жагымдуу өттү. Атаганат, алпечтеп баккан ата-эненин төрүндөй төр болбос. Атасы Курман бир үй-бүлөнүн эле куту болбостон, бүткүл айылдын куту болуучу. Апасы андан бетер колунан баары келген, берекеси төгүлгөн Умай энедей мээримдүү эмес беле? Балдарынын бактысын тилешип, баталарын берүүчү. Ошол опол тоодой баталар текке кетпеди. Анаркүлдөр баталарын алышты, негизинен максаттарына жетишти. Турмушта ордуларын табышып, мына эми өздөрү чоң-апа, тай-энелик дөөлөттөрдү сүрүшүп, балдары тургай неберелерине бата бере башташты.

Ар дайым ата-энелердин жана мугалимдердин алкоолоруна татышып, үйдө да, мектеп, коомдук жайларда да адептүү өсүштү. Көрсө көсөм кыргыз бекеринен: “Тарбия үйдөн башталарын» айтпаган белем.

Анаркүл Курмановна 2003-жылдан бери Сокулук районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгында каржы бөлүмүн жетектеп келүүдө. Калп айткан менен болобу, акча бар жерде адал иштеш өтө кыйын. Каржыны максаттуу пайдалануу албетте, абдан татаал. “Малды көрүп, пайгамбарым да жолдон чыгыптыр” деген сөздүн төгүнү жок. Андыктан жөнөкөй адамдар чынында көп жаңылыштыктарды кетиребиз. “Балан, түкүндөр пара алып жаткан жеринен колго түшүп кармалыптыр” деген мисалдар күнүмдүк турмушубузда сейректей элек. Тор артында томсоруп жаткандардын тагдырын башка салбасын. Эркин куш менен капастагы куштун айырмасы асман менен жердей эмеспи. Андыктан таза жана эркин жашоого не жетсин! Эң башкысы келген жетекчилер менен да тил табышуу зарыл. Ар бир жетекчинин иштөө стили ар кандай. Сыдыргыга салгандай жеңил издер кайда?! Өң тургай түшкө кирбес. Демек, эсеп-кысап маселесинде эсен (ак) жүрүү айтып бүткүс дөөлөт. Чейрек кылымга чукул бир мекемеде эмгектенүү, ишинен барк табуу, так иштеш ар кимдин эле маңдайына жазыла бербейт. Анаркүл Курмановна каржы жагын мыйзам чегинде таза алып баргандыктан жүзү жарык.

Өмүр таржымалын барактап көрсөк: эсепчилик дээринен бекемделген. Кесип тандоо жагынан жаңылбаган. Жогорку окуу жайдын экономикалык факультетин аяктаган. 1996-жылы Лебединовка айылдык Кеңешине кассир болуп жумушка кирген. Көп өтпөй Аламүдүн райондук салык инспекциясына инспектор болуп кабыл алынган. 2001-жылы Сокулук райондук суу чарба башкармалыгына эсепчиликке келген. Кыскасы, тез эле өз кесибинин өтөсүнө чыга баштаган. Оозго алынган. Ал эми 2003-жылдан бери Сокулук райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгында эмгектенүүдө.

Баарыбызга беш манжадай белгилүү болгондой шаар куруу жана архитектура тармагы башынан бир катар реформаларды басып өтүүгө туура келди. Эгемен өлкөгө айланганыбызга 32 жылдан ашып барат. Тилекке каршы, турак-жайга муктаждардын муңун чечпей келдик. Ачык айтканда акыйкат издеп 3 жолу элдик революцияларды чыгарып, калкын карайлаткан журт башчыларды кууп чыктык. Мына эми ошолор кетирген каталарды оңдоо оңойго турбай жатат. Турак-жайга муктаж эл мыйзамсыздык менен жерлерди басып алышып, башаламандык менен үй куруп алышкан. Мыйзамсыз турак-жайлар мына ушул Сокулук районунда басымдуу орун алган. Учурда ошол мыйзамсыз курулган турак-жайларды мыйзамдаштыруу боюнча башкармалыкта болуп көрбөгөндөй иштер илгерилеп жатат. Башкармалыктын башчысы Бекболот Орозович баш, башкалары төш болушуп, күндүр-түндүр иштешүүдө. Иштин көптүгүн мындан билиңиз башкармалыкка келген эл арбын. Эл дартын чечүү ар бир башкармалыкта эмгектенген кызматкерлердин милдети.

- Биз, - дейт Анаркүл Курмановна, - жыйырма жыл аралыгында көп ийгиликтерге жетиштик. Айтайын дегеним, биздин башкармалык заманбап эң мыкты компьютерлер менен жабдылган. Себеби, баарын өз каражаттарыбыз менен алдык. “Миң уккандан бир көргөн артык” деген таасын сөз бар. Жаркырап заманбап нукта курулуп жаткан жаңы мекемебизди көрүп чыгалык.

Анаркүлдүн коштоосу менен жаңы курулуштун ичи, сыртын кыдырып чыктык. Кут болсун!

Эски мекеменин эшик-төрү менен жаңы курулуп, бүтө жаздап калган жаңы мекеменин ичи-сыртын салыштырып болбойт. Буйруса, жакында жаңы журттарына киришет. Ар бир кызматкерге мыкты шарттар жарашат. Ачык эле айтып койгонубуз туура болот. Мындай заманбап мекеме Чүй облусунун райондорунда эле эмес, башка 7 дубандын биринде да салына элек. Анткени, баары каржы маселесине жараша болот эмеспи. Ал эми сокулуктук архитекторлор күндүр-түндүр бел чечпей иштешип, өздөрү тапкан каржылардын эсебинен салып жатышат. Республика боюнча алганда мындай алдыңкы башкармалык байкала элек. Сокулуктук архитекторлор чынында азамат!

Быйыл кабыл алган жылдык пландарын 8 айдын ичинде эле ашыгы менен аткарып коюшту. Жыл аягына чейин да жетишкендиктерди жаратышат.

Бир караганда Анаркүлгө 55 жашты ыраа кыйгың келбейт. Перизаттай жаш көрүнөт. “Мындай сулуулук кайдан келди?” деген суроого жооп издеп, жообун мындайча таптым. Биринчиден тынч уктайт. Эсеп-кысап жагына так. Келген текшерүүчүлөрдөн шекшип, чоочубайт. Мыйзам чегинде ишин аткаргандыктан жүрөгү тынч, ишенимдүү. Ал эми башкармалыкта иштеген архитектор жана кызматкерлер Анаркүл эжесин өз эжелериндей барктап турушат. Демек, экинчи үйү – мекемеси өз эле үйүндөй болуп калган турбайбы. Үйүң да тынч, иштеген мекемең да тынч болсо, айтчы айланайын кантип сулуу болбой каласың?”

Анаркүл Курмановна бир уул, бир кыздын алтындай апасы. Кызы Жумашалиева Айжан Каныбековна “Манас” аэропортунда финансист. Подполковник уулу Жумашалиев Мирбек Каныбекович Аламүдүн райондук ички иштер бөлүмүндө эмгектенет. Уул үйлөнтүп, кыз берди. Экөө тең үй-бүлөлүү. Азырынча 4 небереси бар. Чоң апалык, тай-энелик сүйүүгө жетпес.

Жемиштүү эмгектери сый-урматтар менен бааланууда. Өзү эмгектенген башкармалыктын бардык алкыш жана Ардак грамоталарын алды. Ошондой эле райондук жана облустук мамлекеттик администрациялардын Ардак грамоталарына татыды. КР Өкмөтүнө караштуу Архитектура жана курулуш, турак-жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин сыйлыктары менен сыйланган. “Баарын коюп, Манасты айт” демекчи Анаркүл Курмановна Чүй облустук “Кеменгер” төш белгисинин ээси. Сый-урматтарын санай берсек узак.

Баса, Анаркүл Курмановна кыргыздын кыраан кыргыздарынын сап башында турат. Улуттук “Кыргыз Туусу” гезитинин тандоосу боюнча “Кыргыздын кыраан кызы” номинациясына татыктуу болгон. Ошондой эле мыкты кыздарды топтогон китептердин көркүн да ачты.

Элиң үчүн эмгектенсең, эл кызы болуп калары бышык турбайбы? Анаркүл Курмановна ошондой кыздардын бири эмес – пири, периси десек болот. Демек, сулуу жашагыңыз келсе, замандаш, Анаркүл Курмановна тууралуу айтылгандарга назар төшөңүз. Төгөрөгү төп жашоого жетүү жеңил эмес. Ага жетиш үчүн кыраан кызыбыздай сулуу жашоону гана тизгиндеңиз. Ошондо гана ойлогон максаттарыңызга жетесиз. Сый-урмат үстүндө гана жүрөсүз.

**Айчүрөк МАКЕШОВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КАРАКОЛ ШААРЫНДАГЫ М.В. ЛОМОНОСОВ АТЫНДАГЫ МОСКВА МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ФИЛИАЛЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Жогорку билими бар жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоону андан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү жана Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосунда жогорку билим берүү жаатындагы кызматташтыкты кеңейтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Каракол шаарында М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин филиалы (мындан ары - Москва мамлекеттик университетинин филиалы) түзүлсүн.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) Москва мамлекеттик университетинин филиалынын иши Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт;

2) Москва мамлекеттик университетинин филиалына абитуриенттерди кабыл алуу М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университети тарабынан белгиленген тартипте жүргүзүлөт;

3) Москва мамлекеттик университетинин филиалынын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университети тарабынан белгиленген талаптарга, эрежелерге жана мөөнөттөргө ылайык жүргүзүлөт.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) Москва мамлекеттик университетинин филиалынын натыйжалуу иштеши үчүн шарттарды түзүүгө багытталган чараларды көрсүн;

2) ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

1) Москва мамлекеттик университетинин филиалына кадрларга болгон муктаждыкты жана республиканын региондорунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн келечегин эске алуу менен, мамлекеттик билим берүү грантынын эсебинен жыл сайын 60 орун бөлүүнү карасын;

2) Москва мамлекеттик университетинин филиалынын иши үчүн укуктук негиз түзүү боюнча зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2024-2025-окуу жылынан баштап Москва мамлекеттик университетинин филиалын республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоону камсыз кылсын.

**6.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 5-октябры ПЖ № 250***

## ЭПИЗООТИЯЛЫК БЕЙПИЛДИКТИ ЖАНА ВЕТЕРИНАРДЫК-САНИТАРДЫК КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Эпизоотиялык бейпилдикти жана ветеринардык-санитардык коопсуздукту камсыз кылуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 18-июнундагы №377 "Жаныбарлардын ооруларын алдын алуу боюнча биринчи кезектеги ветеринардык-санитардык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) мамлекеттик тилдеги аталышындагы жана 1-пунктундагы "ооруларын" деген сөз "ылаңынын" деген сөзгө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Малдын ылаңынын алдын алуу боюнча биринчи кезектеги ветеринардык-санитардык талаптарда:

- 2-пунктта:

бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"ветеринардык (ветеринардык-санитардык) талаптар жаныбарлардын жугуштуу, анын ичинде адам жана жаныбарлар үчүн жалпы ылаңдардын козгогучтарынын жана ветеринардык-санитардык жактан коркунучтуу болгон жаныбарлардан алынган товарларды Кыргыз Республикасынын аймагына ташып кирүүгө жана таралышына жол бербөөгө багытталган, ветеринардык контролдоо жана көзөмөлдөө объекттерине коюлуучу талаптар;";

төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

"мал көмүлүүчү жай - сибирь жарасын кошпогондо, өзгөчө коркунучтуу ылаңдардан өлгөн же алардын таралышын алдын алуу тартибинде союлган жаныбарлардын өлүктөрүн, же алардын биологиялык калдыктарын көмүү үчүн атайын жер чуңкурлары (траншеялар) жана (же) биотермикалык чуңкурлар (Беккари чуңкурлары) менен жабдылган, тосмосу бар, ушул Талаптарга ылайык аныкталган жер участогу;

сибирь жарасынын очогу - сибирь жарасынан өлгөн жаныбарлардын өлүктөрү же алардын биологиялык калдыктары көмүлгөн жана/же сибирь жарасынын козгогучу аныкталган жер;";

- 12-глава төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"12. Биологиялык калдыктардын коопсуздугуна, анын ичинде жаратылыш жана техногендик алааматтардын учурунда пайда болгондорго карата ветеринардык-санитардык талаптар

111. Мал чарба ишканаларынын, жаныбарлардан алынган азыктарды кайра иштетүү боюнча ишканалардын ишинин натыйжасында, ошондой эле жаратылыш жана техногендик алааматтарда пайда болгон биологиялык калдыктар чогултулууга, утилдештирилүүгө жана жок кылынууга тийиш.

Биологиялык калдыктарды чогултуу, утилдештирүү жана жок кылуу чарба жүргүзүү ыкмасына карабастан жаныбарлардын ээлеринин, ошондой эле менчиктин бардык түрүндөгү, жаныбарлары, жаныбарлар үчүн тоюттарды жана жаныбарлардан алынган азыктарды жүгүртүүгө тартылган уюмдардын, ишканалардын аткаруусу үчүн милдеттүү болуп саналат.

Биологиялык калдыктарды утилдештирүү жана жок кылуу жаныбарлардын ылаңдарынын келип чыгышын жана таралышын алдын алууну толук камсыз кылган жана курчап турган чөйрөгө зыяндуу таасирди жокко чыгарган шартта жүргүзүлөт.

Сибирь жарасы, эмфизематоздук карбункул, бодо малдын чумасы, төөлөрдүн чумасы, кутурма, туляремия, тырышма, жаман оорунун шишиги, бодо малдын жана койлордун катаралдык калтыратмасы, чочколордун африкалык чумасы, ботулизм, маңка, эпизоотиялык лимфангоит, меилоидоз (жалган маңка), миксоматоз, коёндордун геморрагиялык ылаңы, (канаттуулардын) чумасы, Кыргыз Республикасынын аймагында мурда катталбаган ылаңдар жуккан же алардын козгогучтары менен контаминацияланган биологиялык калдыктар ошол жерде, ошондой эле өлүктөрдү өрттөөчү мештерде (крематорийлерде) же атайын бөлүнгөн аянтчаларда өрттөлөт. Энцефалопатиянын, аденамотоздун, висна-мэдинин козгогучтарын жуктургандар эт-сөөк унуна кайра иштетилет же өрттөлөт.

Биологиялык калдыктардын 1х1 ОЕ - 6 Кю/кг жана андан ашык дозада биологиялык калдыктардын радиоактивдүү булгануусунда алар радиоактивдүү калдыктарга коюлуучу талаптарга ылайык атайын сактоочу жайларга көмүлүүгө тийиш.

112. Биологиялык калдыктар аларды утилдештиргенге же жок кылганга чейин жабык, атайын жабдылган жайларда же жабык, ным өтпөй турган идиштерде бөтөн адамдар, иттер, мышыктар, чычкан сымал кемирүүчүлөр жана чымындар кире албай турган жерлерде сакталат. Биологиялык калдыктар транспорт каражатына жүктөлгөндөн кийин калдыктар жаткан жер жана пайдаланылган шаймандар дезинфекцияланат.

Фермалардан жана жаныбарлардан алынган азыктарды кайра иштетүү боюнча ишканалардан чыккан суюк биологиялык калдыктар, саркынды суулар сакталууга жана зыянсыздандырылууга тийиш.

113. Биологиялык калдыктарды утилдештирүү жана жок кылуу жерине транспорттоо атайын жабдылган транспорт (өлүк ташуучу машиналар) же кузову ным өткөрбөй турган, саман, таарынды же дезинфекциялык каражаттарга чыланган башка ным сиңирүүчү материалдар төшөлгөн автомашиналарда жүргүзүлүүгө тийиш.

Аз сандагы биологиялык калдыктарды ташуу бекем жабылган, ным өтпөй турган сыйымдуулуктарда аларды жок кылуу үчүн жоопту адамдын коштоосунда жүргүзүлөт.

Малдын өлүгүн, биологиялык калдыктарды ташуу, жүктөө жана түшүрүү үчүн пайдаланылган транспорт, ошондой эле техникалык каражаттар милдеттүү түрдө дезинфекциланууга тийиш.

Малдын өлүгү автотранспортто, темир жол вагонунда же мал түшүрүлгөн жерде табылган учурда анын ээси жакын жердеги ветеринария боюнча мамлекеттик органга кайрылууга милдеттүү.

114. Мал чарба фермаларынын, чарбалардын биологиялык калдыктарын, сибирь жарасынан өлгөн жаныбарларды жана алардын биологиялык калдыктарын кошпогондо, малдын өлүктөрү, өлгөн төлдү, конфискаттарды, азык-түлүк базарларындагы, дүкөндөрдөгү, коомдук тамактануу жайларындагы азыктарды жок кылуу (зыянсыздандыруу) атайын жабдуулурда же айылмалоочу белгилер коюлган биотермикалык чуңкурларда жүргүзүлөт.

115. Биологиялык калдыктарды жерге көмүү, таштандыга чыгаруу, сууга ыргытуу, таштанды контейнерлерине таштоо жолу менен жок кылууга тыюу салынат.

116. Жаратылыш же техногендик кырсыктардын кесепетинен улам жаныбарлар жапырт кырылганда жана ветеринардык-санитардык заводдор жок болгондо жана эгерде биологиялык калдыктарды (малдын өлүктөрүн) жок кылуунун башка ыкмалары техникалык жактан мүмкүн болбогон өзгөчө учурларда ветеринардык жана санитардык көзөмөл органдарынын чечими менен жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо органдарынын макулдугу боюнча калдыктарды кийин жерге көмүү менен жердин рельефин, кыртыштагы суулардын жаткан терендигин жана башка факторлорду эске алуу, көмүлгөн жерлерге айырмалоочу белгилерди орнотуу менен өрттөөгө жол берилет.

117. Сибирь жарасынан өлгөн жаныбарларды жана алардын биологиялык калдыктарын кошпогондо, биологиялык калдыктарды жок кылуу үчүн жегич натрийди же калийдин гидрокычкылын, ошондой эле толук коопсуздукту кепилдеген башка ыкмаларды пайдалануу менен кийин аларды биотермикалык чуңкурга таштоо менен щелочтуу гидролизди колдонууга уруксат берилет.

Мал чарба фермаларындагы, чарбалардагы кык биотермикалык ыкма же өрттөө менен зыянсыздандырылууга тийиш.

118. Биологиялык калдыктарды утилдештирүү жана жок кылуу жүргүзүлүп жаткан объекттер колдонулган ыкмаларга карабастан мамлекеттик ветеринардык көзөмөлдүн эсебине алынууга тийиш.

119. Көмүү үчүн тандалып алынган жерде кеминде 2 метр тереңдикте траншея казылат. Траншеянын узундугу жана кендиги малдын өлүгүнүн санына жараша болот, чуңкурдун кургак хлордуу акиташ же 1 $м^2$ аянтка 2 кг эсебинде кеминде 25% активдүү хлор кошулган дезинфекциялоочу каражат себилет. Мал көмүлгөн жерге бийиктиги 1 м кем эмес дөбө жасалат жана анын бийиктиги кеминде 2 метр жылчыксыз тосмо менен тосулат. Бул жерге мындан ары башка көмүү жүргүзүлбөйт.

120. Патологиялык материалды диагноздук изилдөөдө оору жуккан же эксперименттик оору жуктурулган лабораториялык малдын өлүктөрү өрттөө жолу менен же 2 саат бою 2,0 атм. астында автоклавка салып зыянсыздандыруу менен жок кылынат, андан кийин зыянсыздандырылган калдыктар биотермикалык чуңкурга ташталат.

121. Биологиялык калдыктарды өрттөө ветеринардык адистин контролунда атайын өлүктөрдү өрттөөчү мештерде (крематорийлерде) же жерге казылган аңдарда (чуңкурларда) күйбөй турган органикалык эмес калдык калганга чейин жүргүзүлөт. Күлү жана башка органикалык эмес калдыктар өрттөө жүргүзүлгөн ошол эле чуңкурга көмүлөт.

122. Жаныбарлардын өлүктөрүн жана биологиялык калдыктарды чогултуу, сактоо, ташуу, утилдештирүү же жок кылуу боюнча ишке тартылган адамдар алардын коопсуздугун жана айлана-чөйрөнүн коопсуздугун камсыз кылуучу чараларды сактоо маселелери боюнча инструктаждан өтүүгө тийиш.

123. Биологиялык калдыктар менен иштеген адамдар коргоочу кийим, кол каптар, маскалар, көз айнек, жуучу каражаттар менен камсыз болушу керек, зарыл болгон учурда эмдөөдөн өтүшү же вируска каршы препараттар менен камсыз болушу жана дайыма медициналык текшерүүдөн өтүп турушу керек.

124. Биологиялык калдыктар менен иштөөдө колдонулган коргонуу каражаттары (кийим, бут кийим ж.б.) зыянсыздандырылышы керек.

125. Мал көмүлүүчү жайды же өзүнчө турган биотермикалык чуңкурду куруу үчүн жер участогун тандоону жана бөлүүнү тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин мамлекеттик башкы ветеринардык инспекторунун сунушу жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жана айлана-чөйрөнү коргоо органдары менен макулдашуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүргүзөт.

126. Суу коргоочу, токой парк жана корук зоналарында мал көмүлгөн жерлерди (биотермикалык чуңкурларды) жайгаштырууга тыюу салынат.

127. Мал көмүлүүчү жайлар (биотермикалык чуңкурлар) аянты 600 $м^2$ кем эмес кургак дөңсөө участокто жайгаштырылат. Жер астындагы суулардын туруу деңгээли жер бетинен 2 метрден кем болбошу керек.

128. Мал көмүлүүчү жайдан (биотермикалык чуңкурдан) санитардык-коргоо зонасынын өлчөмү:

- турак үйлөргө, коомдук имараттарга, мал чарбаларына (комплекстерге) чейин – 1000 метр;
- мал айдап чыгуучу жолго, жайыттарга чейин – 200 метр;
- автомобиль, темир жолдоруна чейин, алардын категориясына жараша – 50-300 метр.

129. Мал көмүлүүчү жайдын аймагы кирүүчү дарбазасы бар бийиктиги 2 метрден кем эмес жылчыксыз тосмо менен тосулат. Тосмонун ички тарабынын бүткүл периметри боюнча терендиги 0,8 – 1,4 метр жана туурасы 1,5 метрден кем эмес казып алынган топуракты үйүп траншея казылат. Траншея көпүрө менен жабылат.

130. Чуңкур 3х3 метр өлчөмүндө жана 10 метр терендикте казылат. Дубалдар суу өткөрбөй турган материалдан жасалып, жердин деңгээлинен 40 см бийиктикте көтөрүлүп, кайруу менен бекемделет. Жабуунун ортосунда капкагы бекем жабылган 30 х 30 см тешик калтырылат. Чуңкурдан диаметри 25 см жана бийиктиги 3 м соргуучу түтүк чыгарылат.

131. Чуңкурдун үстүнө 2,5 метр бийиктикте узундугу 6 метр, туурасы 3 метр болгон бастырма курулат. Жанына өлүктөрдү союу, дезинфекциялык каражаттарды сактоо, инвентарь, кызматкерлердин атайын кийимдери үчүн жай курулат.

132. Курулган мал көмүүчү жайды (биотермикалык чуңкурду) кабыл алуу ветеринардык контролдоо жана көзөмөлдөө мамлекеттик органдарынын, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдүн, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен кабыл алуу актысын түзүү менен жүргүзүлөт.

133. Мал көмүүчү жайлардын дарбазалары жана биотермикалык чуңкурлардын капкактары кулпулар менен бекитилет, алардын ачкычтары атайын дайындалган адамдарда сакталат.

134. Биотермикалык чуңкурду кайра колдонууга биотермикалык калдыктар акыркы жолу ташталгандан 2 жылдан кийин жол берилет. Чуңкур тазалангандан кийин анын абалы текшерилет жана зарыл болгон учурда оңдоо жүргүзүлөт.

135. Мал көмүлүүчү жайдын (биотермикалык чуңкурдун) аймагында мал жаюуга, чөп чабууга, топуракты алууга жана анын чегинен тышкары алып чыгууга тыюу салынат.

136. Эски мал көмүлүүчү жайлардын төмөн басырылып калган топурагы жердин үстүнөн 0,5 метрден кем эмес деңгээлге чейин калыбына келтирилүүгө тийиш.

137. Кыргыз Республикасынын Башкы мамлекеттик ветеринардык инспекторунун уруксаты менен, эгерде биотермикалык чуңкурга акыркы жолу көмүлгөн учурдан тартып 2 жылдан кем эмес, ал эми жер чуңкуруна 25 жылдан кем эмес убакыт өтсө, сибирь жарасына кыртыштын сынамыгынын терс лабораториялык анализи болгон шартта мал көмүлүүчү жайдын аймагын өнөр жай курулушу үчүн пайдаланууга жол берилет. Өнөр жай объекти жаныбарларды багуу, тамак-аш продукттарын жана тоюттарды кабыл алуу, өндүрүү жана кайра иштетүү менен байланышпоого тийиш.

138. Гидрокурулмаларды курууда мал көмүлүүчү жайды жаан-чачын суулары каптаган учурда анын аймагында 2 метрден кем эмес терең траншеясы менен арык казылат. Казып алынган топурак мал көмүлүүчү жайдын аймагына жайгаштырылат.

139. Ушул Талаптарга ылайык мал көмүлүүчү жайды (биотермикалык чуңкурду) курууга, санитардык абалы үчүн жоопкерчилик жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, ушул объектер карамагында турган уюмдардын жетекчилерине жүктөлөт.

140. Биологиялык калдыктарды утилдештирүү жана жок кылуу жерлерине чогултуу, сактоо, ташуу, биологиялык калдыктар менен иштеген адамдарды коргоо каражаттары менен камсыз кылуу, биологиялык калдыктарды чарбакер субъекттердин каражаттарынын эсебинен адистештирилген

***(Уландысы 11-бетте)***

## ЭПИЗООТИЯЛЫК БЕЙПИЛДИКТИ ЖАНА ВЕТЕРИНАРДЫК-САНИТАРДЫК КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

*(Башталышы 10-бетте)*

түзүлүштөрдө өрттөө жолу же башка жок кылуу методдору менен жок кылуу камсыз кылынат.

141. Жаңы ачылган, иштеп жаткан жана жабылган жана өзүнчө турган мал көмүлүүчү жайлар (биотермикалык чуңкурлар) ветеринария боюнча мамлекеттик орган тарабынан эсепке алынат. Аларга жеке номер берилет жана ушул Талаптардын 1-тиркемесине ылайык форма боюнча ветеринардык-санитардык карточка таризделет.

142. Ушул Талаптарды бузган адамдар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

143. Сибирь жарасы чыккан учурда сибирь жарасынан өлгөн жаныбардын өлүгү жана анын биологиялык калдыктары жеринде же атайын өлүктү өрттөөчү мештерде (крематорийлерде) ветеринардык адистин контролдугунда өрттөлөт. Күлү 5-10 %дан кем эмес хлор акиташынын эритмеси менен зыянсыздандырылат жана жер чуңкуруна көмүлөт. Жаныбардын өлүгүн атайын өлүктү өрттөөчү мештерде (крематорийлерде) өрттөгөн учурда анын күлү жана калдыктары биотермикалык чуңкурга (Беккари чуңкуруна) салынат.

144. Сибирь жарасынын очогунун көмүлгөн аянты ар бир өлгөн жаныбарга 3х3 метрден кем эмес болот, ал эми чуңкурдун тереңдиги 2 метрден кем болбошу керек. Сибирь жарасынын очогунун үстү 40 см кем эмес калыңдыкта бетондолот, бардык периметри боюнча адамдардын жана жаныбарлардын кокустан кирүүсүнө жол бербеген темир тосмо же бийиктиги 2 метр бетон тосмолор орнотулат жана аларга сибирь жарасынын очогу чыккан күн, жаныбардын түрү көрсөтүлгөн эскертүүчү табличка жана “Өтө коркунучтуу! Сибирь жарасынын очогу!” деген белги коюлат.

145. Жаныбардын өлүгүн, анын калдыктарын жана топуракты алып чыгууга, ошондой эле башка жерге көмүүгө тыюу салынат.

146. Сибирь жарасынын очогун аныктоонун эскирүү мөөнөтүнө жараша жана алардын ветеринардык-санитардык, эпизоотиялык жана эпидемиологиялык мүнөздөмөлөрүн эске алуу менен сибирь жарасынын очоктору төмөнкү 4 топко бөлүнөт жана алардын санитардык-коргоо зоналарынын төмөнкү минималдуу өлчөмдөрү белгиленет:

1) сибирь жарасынын 1-топтогу өзгөчө коркунучтуу очоктору: аныкталган күндөн тартып мөөнөтү 25 жылга чейинки сибирь жарасынын очоктору. Сибирь жарасынын очогунан турак үйлөргө, коомдук имараттарга, социалдык объекттерге, мал чарба фермаларына (комплекстерине), өнөр жай объекттерине, кампаларга чейинки санитардык-коргоо зонасынын өлчөмү- 1000 метр;

2) сибирь жарасынын 2-топтогу коркунучтуу очоктору: алар аныкталган күндөн тартып 25 жылдан 50 жылга чейин эскирүү мөөнөтү бар сибирь жарасынын очоктору. Сибирь жарасынын очогунун санитардык абалын жана аны зыянсыздандырууга чейин жана андан кийинки лабораториялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын эске алуу менен турак үйлөргө, коомдук имараттарга, социалдык объекттерге, мал чарба фермаларына (комплекстерине), мал базарларга жана мал союучу жайларга, өнөр жай объекттерине, кампаларга чейинки алардын санитардык-коргоо зоналарынын төмөнкү минималдуу өлчөмдөрү белгиленет - 500 метр;

3) сибирь жарасынын 3-топтогу эски очоктору: мөөнөтү аныкталган күндөн тартып 50 жылдан 70 жылга чейинки сибирь жарасынын очоктору. Сибирь жарасынын очогунун санитардык абалын жана аны зыянсыздандырууга чейин жана андан кийинки лабораториялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын эске алуу менен алардын санитардык-коргоо зоналарынын төмөнкү минималдуу өлчөмдөрү белгиленет:

- турак үйлөргө, коомдук имараттарга, социалдык объекттерге, мал чарбаларына (комплекстерге), мал базарларга жана мал союучу жайларга чейин - 300 метр;

-өнөр жай объекттерине, кампаларга чейин - 150 метр;

4) сибирь жарасынын 4-топтогу илгерки очоктору: 70 жылдан ашык сакталып турган сибирь жарасынын очоктору. Сибирь жарасынын очогунун санитардык абалын жана аны зыянсыздандырууга чейин жана андан кийинки лабораториялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын эске алуу менен алардын санитардык-коргоо зоналарынын төмөнкү минималдуу өлчөмдөрү белгиленет:

- турак үйлөргө, коомдук имараттарга, социалдык объекттерге, мал чарба фермаларына (комплекстерине) чейин - 100 метр;

- өнөр жай объекттерине, кампаларга чейин - 70 метр.

147. Сибирь жарасынын очогунун аймагында чарба жүргүзүүгө, мал багууга, мал жаюуга, гидротехникалык курулмаларды курууга, чөп чабууга, топуракты алууга жана анын чегинен тышкары алып чыгууга тыюу салынат.

148. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жер участогун бөлүп берүүдө, пайдаланууга берүүдө, курулуштун бардык түрлөрү үчүн жер участокторун тандоодо жана архитектура жана курулуш чөйрөсүндөгү мамлекеттик орган тарабынан жер участокторуна укуктарды берүүгө тиешелүү документтерди даярдоодо ветеринария, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл, айлана-чөйрөнү коргоо, кадастр боюнча мамлекеттик органдардын корутундусу зарыл.

149. Ветеринария боюнча мамлекеттик орган жылына эки жолу -жазында жана күзүндө сибирь жарасынын очокторуна мониторинг жүргүзүп, лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн топурактан (жер кыртышынан) үлгүлөрдү алып, сибирь жарасынын козгогучуна текшерет.

150. Аныкталган сибирь жарасынын очогу боюнча тиешелүү административдик аймактын жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечими менен комиссиянын курамы түзүлөт, анын курамына ветеринария боюнча мамлекеттик органдын, ооруларды профилактикалоо жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлдөрү кирет жана ушул Талаптардын 1 '-тиркемесине ылайык форма боюнча паспорт таризделип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балансына өткөрүлүп берилет.

Сибирь жарасынын очокторунун санитардык абалы үчүн жоопкерчилик жергиликтүү мамлекеттик администрацияга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлөт.

151. Ушул главанын талаптарын бузган жактар Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.”;

- жогоруда аталган талаптардын 1-тиркемеси ушул токтомдун 1 -тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

- ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакциядагы $1^1$-тиркеме менен толукталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген “Санитардык-коргоо зоналары жана ишканаларды, курулмаларды жана башка объекттерди санитардык классификациялоо” санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдеринде:

жогоруда аталган эрежелердин жана ченемдердин 1-тиркемесинин 12-главасында:

- 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1. I класс - санитардык-коргоочу зона - 1000 метр;

1) 1-2-класстардагы коркунучтагы өндүрүштүн жана керектөөнүн уулуу калдыктарын жайгаштыруу, зыянсыздандыруу, көмүү боюнча полигондор;

2) ассенизациялоо талаалары жана айдоо талаалары;

3) жаныбарлардын өлүктөрүн өрттөөчү мештерди (крематорийлерди) кошпогондо, бирден ашык сандагы меши болгон крематорийлер;

4) жылына 40 миң тоннадан ашык кубаттуулуктагы таштанды күйгүзүүчү, таштанды сорттоочу жана таштандыны кайра иштетүүчү объекттер;

5) 40 гадан ашык аянттагы аралаш жана салттуу көмүү көрүстөндөрү.”;

- 2-пункттун 3-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызмат ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып тогуз айлык мөөнөттө:

- Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында сибирь жарасынын очокторуна инвентаризация жүргүзсүн;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти менен биргеликте сибирь жарасынын ар бир очогуна ветеринардык-санитардык, эпидемиологиялык мүнөздөмө берсин;

- республиканын бүткүл аймагында сибирь жарасынын очокторун паспорттоштурууну жүзөгө ашырсын;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна ылайык сибирь жарасына каршы күрөшүү боюнча нускаманын долбоорун иштеп чыксын жана аны бекитүүнү камсыз кылсын.

**4.** Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары туруктуу негизде айыл өкмөтүнүн аймагындагы сибирь жарасынын очокторун талаптагыдай санитардык абалда кармоо боюнча иштерди жүргүзүүнү, анын ичинде бетондоону, тосууну жана таануу белгилерин орнотууну камсыз кылсын жана аларды колдонуудагы ветеринардык-санитардык эрежелердин талаптарына ылайык келтирсин.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 29-сентябры, №517***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2018-ЖЫЛДЫН 28-ДЕКАБРЫНДАГЫ №640 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ ОРГАНДАРЫНЫН СИСТЕМАСЫНЫН КЫЗМАТЧЫЛАРЫНА АТАЙЫН КЛАССТЫК ЧИНДЕРДИ ЫЙГАРУУНУН (ТӨМӨНДӨТҮҮНҮН ЖАНА АНДАН АЖЫРАТУУНУН) ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалаштыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-декабрындагы №640 “Кыргыз Республикасынын юстиция органдарынын системасынын кызматчыларына атайын класстык чиндерди ыйгаруунун (төмөндөтүүнүн жана андан ажыратуунун) тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын юстиция органдарынын системасынын кызматчыларына атайын класстык чиндерди ыйгаруунун (төмөндөтүүнүн жана андан ажыратуунун) тартиби жөнүндө жободо:

- 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“2. Атайын класстык чин - бул Кыргыз Республикасынын юстиция органдарынын системасында мамлекеттик кызмат ордун ээлеген ар бир адамга иш стажына, билимине жана ээлеген кызмат ордуна ылайык жекече ыйгарылуучу атайын наам.”;

- 3-пункттун 3-пунктчасынын төртүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 6-пункттун 4-пунктчасында “3, 2, 1-класстагы” деген сөздөр “3-класстагы” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы $6^1$-пункт менен толукталсын:

“$6^1$. Кыргыз Республикасынын юстиция органдарынын системасындагы саясий мамлекеттик кызмат орундарына төмөнкүдөй атайын класстык чиндер ылайык келет:

1) юстиция министри үчүн - юстициянын 3төн 2-класска чейинки мамлекеттик кеңешчиси;

2) юстиция министринин орун басары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ведомстволук бөлүмүнүн жетекчиси (Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан дайындалуучу жана бошотулуучу кызмат орундары) үчүн -юстициянын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси;

3) Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ведомстволук бөлүмүнүн жетекчисинин орун басары (Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан дайындалуучу жана бошотулуучу кызмат орундары) үчүн - юстициянын 3төн 1-класска чейинки кеңешчиси.”;

- төмөнкүдөй мазмундагы $8^1$-пункт менен толукталсын:

“$8^1$. Саясий мамлекеттик кызмат орундары үчүн биринчи атайын класстык чиндер (атайын класстык чиндердин тобуна жараша) болуп төмөнкүлөр саналат:

1) атайын класстык чиндердин улук тобунун алкагында -юстициянын 3-класстагы кеңешчиси;

2) атайын класстык чиндердин жогорку тобунун алкагында -юстициянын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси.”;

- 9-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“9. Кызматчыга биринчи атайын класстык чин кызматчы мамлекеттик кызмат ордуна дайындалгандан кийин сыноо мөөнөтүн кошуп алганда, бир жылдан эрте эмес ыйгарылат. Ошол эле учурда эгерде кызматчы юстиция органдарынын системасынын чегинде башка кызмат ордуна дайындалса, анда ыйгаруу үчүн мөөнөт юстиция органдарынын системасындагы бардык кызмат орундарында үзгүлтүксүз кызмат өтөгөн бүткүл убактысынын жыйындысы боюнча эсептелет.”;

- 13-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“13. Саясий мамлекеттик кызмат ордун ээлеген адамга кезектеги атайын класстык чин кызмат адамы мурдагы атайын класстык чининде 3 жылдан кем эмес болгон шартта ыйгарылышы мүмкүн.”;

- 14-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“14. Юстициянын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси атайын класстык чини Кыргыз Республикасынын юстиция министринин сунушу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын сунуштамасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан ыйгарылат.”;

экинчи абзацта “1, 2 жана 3-класстагы” деген сөздөр “2, 3-класстагы” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 18-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“18. Аскердик же атайын наамдары, класстык чиндери, дипломатиялык рангдары бар кызматчыларга Кыргыз Республикасынын юстиция органдарынын системасына мамлекеттик жарандык кызматка кирүүдө алардын жогорку юридикалык билими болгон учурда ушул Жобонун 6, $6^1$, 8, $8^1$, 9-пункттарында белгиленген мөөнөттөрдү жана талаптарды сактабастан, ошол аскердик же атайын наамына, класстык чинине, дипломатиялык рангына ылайык келген атайын класстык чин ыйгарылат.”;

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Аскердик же атайын наамдары, класстык чиндери, дипломатиялык рангдары бар юстиция органдарынын кызматчыларына ушул Жобонун 12, 13-пункттарында белгиленген атайын класстык чиндерде болуу мөөнөттөрүнө алардын аскердик же атайын наамдарда, класстык чиндерде, дипломатиялык рангдарда болуу мөөнөтү (иштеген жылдары) кошуп эсептелет.”;

- 20-пунктта:

үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: “Юстициянын 1, 2, 3-класстагы мамлекеттик кеңешчисинин атайын класстык чинин төмөндөтүү Кыргыз Республикасынын юстиция министринин сунушу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын сунуштамасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан жүргүзүлөт”;

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Кыргыз Республикасынын юстиция министрине карата юстициянын 1, 2, 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси атайын класстык чинин төмөндөтүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын сунуштамасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан жүргүзүлөт.”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**
***Бишкек ш., 2023-жылдын 5-октябры, №526***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ СУЗАК, АЛА-БУКА, БАТКЕН ЖАНА КЕМИН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын (04.10.2023-ж. №60, 61) – Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Багыш айылдык кеңеши боюнча;

- Ала-Бука аймактык шайлоо комиссиясынын (03.10.2023-ж. №11, 11) – Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Көк-Серек айылдык кеңеши боюнча;

- Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын (03.10.2023-ж. №19) – Баткен облусунун Баткен районундагы Кара-Бак айылдык кеңеши боюнча;

- Кемин аймактык шайлоо комиссиясынын (04.10.2023-ж. №64, 65) – Чүй облусунун Кемин районундагы Ильичевка айылдык кеңеши боюнча;

Аталган чечимдер «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1**. Сузак, Ала-Бука, Баткен жана Кемин аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Сузак, Ала-Бука, Баткен жана Кемин аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге жана саясий партиялардын талапкерлеринин катталган тизмесиндеги талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып, анык эмес деп таанылсын.

**4.** Сузак, Ала-Бука, Баткен жана Кемин аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 2-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**5.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**6.** Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**7.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 5-октябры, №100***

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча*
*борбордук комиссиясынын*
*2023-жылдын 5-октябрындагы*
*№100 токтомунун 1-тиркемеси*

**Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси**

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| **Жалал-Абад облусу** | | | |
| **Сузак району** | | | |
| 1. | Багыш айылдык (№4 Багыш шайлоо округу) | Нышанов Тынчтыкбек Сейтбекович | Сузак АШК, №60, 04.10.2023-ж. (02.10.2023-ж. – өз арызы) |
| **Ала-Бука району** | | | |
| 2. | Көк-Серек айылдык (№2 Бирлешкен шайлоо округу) | Жанболотов Залкарбек Абдисаматович | Ала-Бука АШК, №10, 03.10.2023-ж. (25.09.2023-ж. – өз арызы) |
| **Баткен облусу** | | | |
| **Баткен району** | | | |
| 3. | Кара-Бак айылдык (№3 Чет-Кызыл шайлоо округу) | Сапаров Тажибай Жусупбекович | Баткен АШК, №19, 03.10.2023-ж. (02.10.2023-ж. – өз арызы) |
| **Чүй облусу** | | | |
| **Кемин району** | | | |
| 4. | Ильичевка айылдык (№1 шайлоо округу) | Бактыгул уулу Азат | Кемин АШК, №64, 04.10.2023-ж. (20.09.2023-ж. – өз арызы) |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча*
*борбордук комиссиясынын*
*2023-жылдын 5-октябрындагы*
*№100 токтомунун 2-тиркемеси*

**Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси**

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими |
|---|---|---|---|---|
| **Жалал-Абад облусу** | | | | |
| **Сузак району** | | | | |
| 1. | Багыш айылдык (№4 Багыш шайлоо округу) | Джумаев Стамбек Мырзакаримович | Жеке ишкер | Сузак АШК, №61, 04.10.2023-ж. |
| **Ала-Бука району** | | | | |
| 2. | Көк-Серек айылдык (№2 Бирлешкен шайлоо округу) | Бактыбек уулу Матен | Улуттук госпиталдын ординатору | Ала-Бука АШК, №11, 03.10.2023-ж. |
| **Баткен облусу** | | | | |
| **Баткен району** | | | | |
| 3. | Кара-Бак айылдык (№3 Чет-Кызыл шайлоо округу) | Калматов Жолдубай Алыевич | С.Момунов атындагы орто мектебинин мугалими | Баткен АШК, №19, 03.10.2023-ж. |
| **Чүй облусу** | | | | |
| **Кемин району** | | | | |
| 4. | Ильичевка айылдык (№1 шайлоо округу) | Султанов Канатбек Шаймерденович | Дыйкан чарбанын мүчөсү | Кемин АШК, №65, 04.10.2023-ж. |

## 2023-ЖЫЛДЫН 8-ОКТЯБРЫНА ДАЙЫНДАЛГАН ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУНУН САРУУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО АРАЛЫКТАН ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛУНУН, ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖӨНҮНДӨ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ПРОТОКОЛУНУН ЖАНА ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖӨНҮНДӨ ЖЫЙЫНДЫ ТАБЛИЦАСЫНЫН ФОРМАСЫН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 37-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 8-августундагы ПЖ №183 Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 8-сентябрындагы №85 токтому менен бекитилген Пилоттук режимде аралыктан добуш берүүнүн тартиби жөнүндө Убактылуу жобосуна ылайык, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2023-жылдын 8-октябрына дайындалган Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоодо аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыгы тууралуу протоколу, аймактык шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколу жана добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө жыйынды таблицасынын формалары №1, 2, 3-тиркемелерине ылайык бекитилсин.

**2.** Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясы Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарууда ушул токтом менен бекитилген протоколдордун жана жыйынды таблицанын формаларын жетекчиликке алсын.

**3.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын (тиркемесиз).

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 5-октябры, №99***

## Куттуктоо



*Сокулук районуна караштуу Асылбаш айылында туулуп өсүп, 1-класстан 11-класска чейин бир класста чогуу окушуп, тагдырдын буйругу менен баш кошуп 30 жыл бирге өмүр сүрүп келатышкан жубайлар Алтынбек Акелов менен Анара Акелованы – 50 жылдык маарекелери менен жылуу куттуктап, жашоодогу бардык жакшылыктарды каалайм.*

**Гүлмира КАИПОВА**

---

### ПССИ ПЕРВОМАЙСКОГО РАЙОНА г.БИШКЕК

**объявляет вторичные публичные торги на недвижимое заложенное имущество:**

1) *нежилое помещение, общей площадью 547,5 кв.м., расположенное на земельном участке мерою 570 кв.м., по адресу: г.Бишкек, ул. Фрунзе, 97, принадлежащий на праве собственности Назарову Омурбек Ысмайыловичу, с начальной (стартовой) продажной стоимостью 17 444 000 (семнадцать миллионов четыреста сорок четыре тысячи) сом,*
2) *жилой дом полезной площадью 60,1 кв.м., с земельным участком мерою 600 кв.м., по адресу: г.Бишкек ул. Репина, 211, принадлежащий на праве собственности Назарову Омурбек Ысмайыловичу, с начальной (стартовой) продажной стоимостью в размере 5 557 422 (пять миллионов пятьсот пятьдесят семь тысяч четыреста двадцать два) сом,*
3) *жилой дом, полезной площадью 20,1 кв.м., с земельным участком мерою 1000 кв.м., по адресу: г.Бишкек, ул. Репина, 213 А, принадлежащий на праве собственности Назарову Омурбек Ысмайыловичу, с начальной (стартовой) стоимостью 9 262 370 (девять миллионов двести шестьдесят две тысячи триста семьдесят) сом.*

Вторичные публичные торги **на нежилое помещение**, общей площадью **547,5 кв.м.,** расположенное на земельном участке мерою **570 кв.м.,** по адресу: **г.Бишкек, ул. Фрунзе, 97,** состоятся **28 ноября 2023 года в 10.00 часов**, по месту нахождения имущества, по адресу: **г.Бишкек, ул. Фрунзе, 97.**

Вторичные публичные торги **на жилой дом** полезной площадью **60,1 кв.м.,** с земельным участком мерою **600 кв.м.,** по адресу: **г.Бишкек, ул. Репина, 211,** состоятся **1 декабря 2023 года в 10.00 часов,** по месту нахождения имущества, по адресу: **г.Бишкек, ул. Репина, 211.**

Вторичные публичные торги **на жилой дом,** полезной площадью **20,1 кв.м.**, с земельным участком мерою **1000 кв.м.,** по адресу: **г.Бишкек, ул. Репина, 213А,** состоятся **1 декабря 2023 года в 10.00 часов,** по месту нахождения имущества, по адресу: **г.Бишкек, ул. Репина, 213А.**

Лицам, желающим принять участие в торгах необходимо внести **5%** от стоимости вышеуказанного недвижимого имущества за день до начала торгов на депозитный счет ПССИ Первомайского района г.Бишкек - **Центральное казначейство Министерство Финансов КР БИК 440001, р\с 4402012100000440, ИНН 00405199510158, код платежа 14238900.**

**Обращаться судебному исполнителю Сыдыкбаеву Э.И. по тел.: (0550) 82-63-47.**

С/О 164

---

**Извещение**

### Специальный администратор ОсОО «Windows»-банкрот

***проводит открытый аукцион по продаже имущественных активов должника по оценочной стоимости.***

**На аукцион выставляются: с понижением на 25%:**

| № лота | Наименование | Стартовая цена (сом) | Состояние |
|---|---|---|---|
| 1 | Складское помещение | 1338750,0 | б/у |
| 2 | Части станка 2 шт | 393225,0 | б/у |
| 3 | Части станка 1 шт | 32775,0 | б/у |

Открытый аукцион по реализации имущественных активов состоится **в 11.30 часов 20 октября 2023 года** по адресу: **г. Бишкек, ул. Л.Толстого, 100.** Заявки на участие в аукционе принимаются **ежедневно с 10.00 до 16.00 часов** по вышеуказанному адресу **до 16.00 часов 11 октября 2023 года.** Победителем аукциона признается лицо, предложившее наивысшую цену за лот.

**Справки по тел.: (0703) 94-32-07.**

Н-973

---

**Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента.**

## ОАО «МФК «АБН»

**объявляет о выплате доходов за третий процентный период по именным процентным облигациям по первому траншу четвертого выпуска**

**Выплата доходов будет осуществляться с 24 октября 2023 года (KG 0204211518).**

- Номинальная стоимость облигации - **5 000 сом**
- Размер дохода на одну облигацию (4 выпуск) - **19% годовых**

Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода, определяется на дату **21 октября 2023 г.**

Форма выплаты - **денежные средства.**

Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе ОАО «МФК «АБН» по адресу: **г. Бишкек, ул. Жусупа Абдрахманова, 136.**

**Справочная информация по тел.: 51-11-51 или 2810; www.abn.kg**

Четвертый выпуск облигаций ОАО «МФК «АБН» зарегистрирован Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики **11 января 2023 г. (KG 0204211518).**

Н-971

---

## Отчет ОАО «МФК «АБН»

**о выплате дохода по облигациям шестого транша четвертого выпуска (рег. № KG 0204211518 от 11.01.2023 г.) за первый процентный период, дата выплаты с 3 октября 2023 г.**

| | |
|---|---|
| Общее количество владельцев облигаций (физ. и юр. лица) | 78 |
| Общая сумма начисленных доходов (сом) | 508 250,00 |
| Общее количество владельцев облигаций, получивших доходы (физ. и юр. лица) | 67 |
| Сумма выплаченных доходов, в сомах | 497 567,79 |
| Сумма не выплаченных доходов, в сомах | 10 682,21 |
| Количество владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы (физ. лица) | 11 |
| Количество облигаций, по которым не выплачены доходы (экз.) | 181 |
| Причина невыплаты | не востребованы инвестором* |

* Причина невыплаты и предполагаемая дата выплаты: На дату предоставления отчета проценты не востребованы инвесторами. Выплата процентов будет производиться по мере их явки в ОАО "МФК "АБН", предполагаемая дата выплаты: **с даты востребования.**

Н-971

---

### ПССИ ЖАЙЫЛСКОГО РАЙОНА ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

**объявляет первичный публичный торг**

***на заложенное имущество, заложенное по договору залога от 25.08.2017 года за №№AIMK/17P-1/5625/5293Z., общая площадь 100,5 кв.м., жилая площадь 74,9 кв.м., идентификационный код №7-03-08-1001-0330, жилой дом с земельным участком мерою 2536,0 кв.м., расположенный по адресу: Чуйская область, Жайылский район, с.Сосновка, ул.Фрунзе, дом №77, принадлежащий на праве собственности Тажигуловой Индире Джумабековне, начальной стартовой стоимостью 769628 сом в соответствии договором о залоге от 25.08.2017 года.***

Организатор публичных торгов ПССИ Жайылского района Чуйской области. Торги состоятся **23.11.2023 года в 11.00 часов по месту нахождения имущества.**

Для участия в торгах необходимо внести **5%** гарантийного взноса, на депозитный счет **№4403062100000207** ПССИ Жайылского района.

Участник выигравший публичные торги, должен в течение пяти дней внести на лицевой счет ПССИ Жайылского района покупную цену за вычетом суммы гарантийного взноса.

С/О 161

**По всем вопросам обращайтесь ПССИ Жайылского района Турусбекову А.Т. каб. №14. Тел.: (03133) 3-70-08, (0555) 73-34-47.**

---

Общество с ограниченной ответственностью «Первая Металлобаза»

**осуществило выплату процентного дохода за седьмой процентный период по шестой эмиссии облигаций:**

| | |
|---|---|
| Общее кол-во владельцев облигаций, имеющих право на получение дохода, чел. | 172 |
| Общая сумма начисленных доходов, сом | 4 000 000,00 |
| Общее кол-во владельцев облигаций, получивших доходы, чел. | 130 |
| Общая сумма выплаченных доходов по облигациям, сом | 3 781 240,00 |
| Кол-во владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы, чел. | 42 |
| Кол-во облигаций, по которым не выплачены доходы, экз. | 5 469 |
| Причина невыплаты | Неявка облигационера |

Н-979

---

## ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

*Калназаров Кадырбердиге тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №0364 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылысын.*
Н-965

*В связи с утерей гос.акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №773366 (от 05.07.2018 г.) Ч №396790 (от 02.07.2018 г.) и договора купли-продажи №2018/28036 (от 02.07.2018 г.) на имя Чокморова Жеңиша Урускулбековича считать недействительными.*
Н-966

*Алашаев Дайирбек Эркинбековичке таандык Сузак районунун Багыш айыл өкмөтүнө караштуу Сафаровка айылындагы жер тилкесинин жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (идентификациондук коду 3-05-12-0015-0402) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
Д-05

*В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Рахман кызы Гүлназ код ОКПО 28554042, ИНН 11410199001334 считать нейдействительным.*
Н-967

*В связи с утерей свидетельство на право пользования земельной долей №0054578 (от 12.09.2013 г.) на имя Жахановой Алимы Бакуовны считать недействительным.*
Н-968

*Кадамжай районунун Кароол айылынын тургуну Балтабаев Имамидин Ташовичке тиешелүү мам.актысы Ч №496029 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
П/П 057

*В связи с утерей гос.акта серия Ч №100359 на имя Саманжы Адеми Молдалиевой по адресу: с. Таш-Мойнок, ст. Предгорный уч. №252 иден код: 701-17-1028-0251 считать недействительным.*
Н-970

*Мырзабаев Айдан Самиевичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №0203 (22.02.1999-ж.б) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
Н-972

*В связи с утерей диплома серия ШВ №742150 на имя Алымова Каныбека Мусурманкуловича считать недействительным.*
Н-974

*Бейшенов Марат Кыязовичке тиешелүү мам. актысы серия Ч №0096936 (28.04.2007-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
Н-975

*В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Алсеитова Айкал Акматовна код ОКПО 31975959, ИНН 13101199101390 считать недействительным.*
Н-976

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 11-ИЮЛУНДАГЫ №2-Б "МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ СЕКТОРУНДА БУХГАЛТЕРДИК ЭСЕПТИ ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУ ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" БУЙРУГУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН

### БУЙРУГУ

Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомун жетекчиликке алуу менен **буйрук кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 25-июлундагы №2-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган буйрук менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жободо:

312-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"312. Контрактты (келишимди) түзүүдө:

- жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө авансалык төлөмдөрдүн өлчөмү контракттын (келишимдин) суммасынан 10 пайызга чейин белгиленет;

- товарларды берүүгө, чийки заттарды жана материалдарды сатып алууга байланышкан жумуштарды аткарууга, Бириккен Улуттар Уюму тарабынан түзүлгөн уюмдар (өкүлчүлүктөр) аркылуу дары-дармек каражаттарын жана медициналык буюмдарды, ошондой эле билим берүү уюмдары үчүн окуу материалдарын сатып алууга аванстык төлөмдүн өлчөмү контракт (келишим) түзүүдө тараптар тарабынан белгиленет;

- "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы аркылуу дары-дармек каражаттарын жана медициналык буюмдарды сатып алууга келишимдин суммасынан 100 пайызга чейин аванстык төлөмдөр каралышы мүмкүн;

- мамлекеттик жашыруундуулукту коргоо, өзгөчө кырдаалдар, улуттук коопсуздук жана коргонуу менен түздөн-түз байланышкан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга аванстык төлөмгө карата талап коюлбайт.".

**2.** Бухгалтердик эсепти, ички аудитти жана ички контролду өнүктүрүү башкармалыгы:

1) бул буйрук катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде мамлекеттик жана расмий тилдерде "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайтына жарыяласын;

2) расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде жарыяланган булагын көрсөтүү менен ушул буйруктун көчүрмөсүн эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде кагаз жүзүндө жана электрондук түрдө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

3) бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтсүн.

**3.** Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары - Борбордук казыналыктын директору У.О.Аманбаевге жүктөлсүн.

**4.** Ушул буйрук расмий жарыялануугa тийиш жана 2023-жылдын 5-сентябрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Финансы министри** **А.БАКЕТАЕВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 5-октябры, №6-Б***

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу* **www.minfin.kg** *сайтынан таанышууга болот.*

## ПРИКАЗ

МИНИСТЕРСТВА ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЯ В ПРИКАЗ МИНИСТЕРСТВА ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ УТВЕРЖДЕНИИ ПОЛОЖЕНИЯ ПО ВЕДЕНИЮ БУХГАЛТЕРСКОГО УЧЕТА И ФИНАНСОВОЙ ОТЧЕТНОСТИ В СЕКТОРЕ ГОСУДАРСТВЕННОГО УПРАВЛЕНИЯ» ОТ 11 ИЮЛЯ 2023 ГОДА №2-П

В целях совершенствования бухгалтерского учета в секторе государственного управления, в соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года №115, **приказываю:**

**1.** Внести в приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении Положения по ведению бухгалтерского учета и финансовой отчетности в секторе государственного управления» от 11 июля 2023 года №2-П следующие изменения:

в Положении по ведению бухгалтерского учета и финансовой отчетности в секторе государственного управления, утвержденном вышеназванным приказом:

пункт 312 изложить в следующей редакции:

«312. При заключении контракта (договора):

- на оказание услуг и выполнение работ размер авансового платежа устанавливается до 10 процентов от суммы контракта (договора);

- на поставку товаров, выполнение работ связанных с приобретением сырья и материалов, на закупку лекарственных средств и медицинских изделий через организации (представительства), учрежденные Организацией Объединенных Наций, а также учебных материалов для образовательных организаций размер авансового платежа устанавливается сторонами при заключении контракта (договора);

- государственному предприятию «Кыргызфармация» могут быть предусмотрены авансовые платежи до 100 процентов от суммы договора на приобретение лекарственных средств и медицинских изделий;

- на закупку товаров, работ и услуг, непосредственно связанных с защитой государственных секретов, чрезвычайными ситуациями, национальной безопасностью и обороной требование к авансовому платежу не устанавливается.».

**2.** Управлению развития бухгалтерского учета, внутреннего аудита и внутреннего контроля:

1) в течение трех рабочих дней со дня регистрации опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин-Тоо» и на официальном сайте Кабинета Министров Кыргызской Республики;

2) в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копии настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках на бумажном и электронном носителе, с указанием источника опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

3) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа, направить копию приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках в Администрацию Президента Кыргызской Республики.

**3.** Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра - директора Центрального казначейства Аманбаева У.М.

**4**. Настоящий приказ подлежит официальному опубликованию и вступает в силу с 5 сентября 2023 года.

**Министр финансов**
**Кыргызской Республики** **А.БАКЕТАЕВ**

***г.Бишкек, 5 октября 2023 года, №6-П***

*О внесении изменения в приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении Положения по ведению бухгалтерского учета и финансовой отчетности в секторе государственного управления» от 11 июля 2023 года №2-П можно ознакомиться на сайте* **www.minfin.kg**

С/О 165



# "ЖУНДА" ЗАВОДУ ЭКИ ЖЫЛДА ТОЛУК ИШКЕ КИРЕТ

***Кыргызстан Кара-Балтадагы "Жунда" нефтини кайра иштетүүчү заводун ишке киргизүү менен ГСМдин тартыштыгын жоюшу мүмкүн. Ушу тапта республикабызда күйүүчү жана майлоочу майларга жылдык керектөө 1,5 млн тонна болсо, "Жунданын" нефтини кайра иштетүү кубаттуулугу жылына 800 миң тоннаны түзөт. Демек, керектөөнүн жарымынан көбүн жергиликтүү өндүрүш бере баштайт. Бул албетте ГСМ менен камсыздоодо олуттуу эле салым болот.***

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровдун Жогорку Кеңеште билдиргүсү боюнча "Жунда" заводун ишке киргизүү боюнча Кытай өкмөтү менен өз ара макулдашууларга жетишилип, келишимге кол коюлган. Заводду модернизациялоо жана ишке киргизүү боюнча кытай тарап 550 млн доллар өлчөмүндөгү инвестиция салууга даяр. Завод келерки жылдын жай айларында иштеп баштап, 2025-жылы толук ишке кирүүсү пландалууда. МинКабдын Төрагасынын айтымында учурда Россия, Казакстан жана Иран мамлекеттеринен сырьё алуу боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп жатат.

"Жунда" заводу 2013-жылы ишке кирген. Анын ишке кирүүсү менен заводго жакын жашаган тургундар тарабынан нааразылыктар болуп, экологияга терс таасирин айтып чыгышкан. Башында бул заводду курууда айрым маалыматтар боюнча 300 млн доллар акча каражаты жумшалган. Бир аз жыл иштеп, көпчүлүккө белгисиз себептер менен завод ишин токтоткон. Бул ирет аны модернизациялоого эле баштапкы суммадан дээрлик эки эсе көп инвестиция салынууда, демек өндүрүштүн айлана-чөйрөгө терс таасирин азайтуу жагы эске алынды деген ойдобуз.

Азыркы учурда ГСМ боюнча Россия Федерациясына толук көз карандыбыз. Россиянын нефти кайра иштетүүчү заводдорунун сатуу баасына жараша бензиндин биздин рыноктогу баасы чыгат. Азыркы мезгилде бензин кайрадан кымбаттоодо. Муну Россия өкмөтүнүн нефти продуктуларын тышка чыгарууга тыюу салган токтом кабыл алышы менен байланыштырып жаткандар да бар. Бирок Кыргызстандын нефтетрейдерлер ассоциациясынын төрагасы Канат Эшатов аталган токтом менен таанышканын, анда тыюу салуу ЕАЭБ өлкөлөрүнө тиешелүү эместигин айтты. Мындан тышкары Казакстан августтан баштап нефтепродуктуларын автоунаа менен алып чыгууга тыюу салуусун дагы 6 айга узартты. Казак бийлиги ички рынокто нефтепродуктуларынын жетишсиздигинин алдын алуу максатында ушундай кадамга барган.

Кыргызстан "Жунданы" ишке киргизип, нефти менен камсыздап, ички рыногубуза кошумча дем бербесе ГСМ тартыштыгы жана баалардын туруксуздугу токтоchудай эмес. Болгону заводдун экологияга терс таасирин азайтуу маселеси көңүлдөн тыш калбашы керек.

**Бегим Турдалиева**

ИП СГИБНЕВ ВЕНИАМИН МИХАЙЛОВИЧ
***объявляет о своем закрытии.***
**Претензии принимаются в течение 2-х месяцев по адресу: г.Бишкек, ж/м Эне-Сай, уч.№371.**
**Тел: (0555) 99-01-29.**
Н-962

**ЖОГОЛДУ**
**УТЕРЯ**

***Токтополотова Роза Осмоновнага таандык жеке ишкердик күбөлүгү ОКПОсу 28806696, ИНН 11301197401140 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 775

***В связи с утерей круглой печати офиса филиала "Центральный" ОсОО "МКК "Байлык Финанс" с кодом 31/1 (регистрационный номер: 148817-3301-Ф-л, код ОКПО 29250539, ИНН 41509201510256) считать недействительной.***
Н-977

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Турусбекова Нургуль Турдукуловна код ОКПО 29509813, ИНН 10601198300486 считать недействительным.***
Н-978

***В связи с утерей диплома серия №CD 090119809 на имя Асанкожоевой Динары Кубанычбековны считать недействительным.***
Н-980

***Сарбашов Баиш Тагаевичке тиешелүү мам.актылары сериялары: Ч №507581, Ч №507573, Ч №507574, Ч №507580 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-981

**СУЩЕСТВЕННЫЙ ФАКТ ОАО ФИРМЫ «ПРОММОНТАЖ»**

## Решение внеочередного общего собрания акционеров ОАО Фирмы «Проммонтаж»

Состоявшегося **4 октября 2023 года в 15.00 ч.** по адресу: **Аламудунский р-н, с.Аламудун, ул.Суворова, 1а.**
Кворум собрания – **71,2985%.**
Форма проведения собрания – **очная.**

**1.** Утвердить состав счетной комиссии.

| Ф.И.О. | За | Против | Воздержался |
|---|---|---|---|
| 1. Волыгина Елена Николаевна | 48 483 – 100% | нет | нет |
| 2. Плохов Александр Павлович | 48 483 – 100% | нет | нет |
| 3. Асанов Сыймак Ишембекович | 46 761 – 96,4482% | 1 722 – 3,5518% | нет |

**2.** Утвердить Устав ОАО Фирмы «Проммонтаж» в новой редакции, разработанный самостоятельно.
«За» – 67,7662%; «Против» – 3,0574%; «Воздержались» – 0,475%.

**3.** Перерегистрировать Устав ОАО Фирмы «Проммонтаж» в органах юстиции КР в соответствии с законодательством КР.
Поручить Директору ОАО Фирмы «Проммонтаж» провести государственную перерегистрацию Общества в органах юстиции КР в соответствии с законодательством КР.
«За» - 95,0457%; «Против» - 4,4283%; «Воздержался» - 0,5260%.

Ознакомиться с Уставом Общества, акционеры могут по адресу: **Аламудунский р-н, с.Аламудун, ул.Суворова, 1а.**

## ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫНА ТАРИФТЕРДИ АНЫКТООНУН МЕТОДИКАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНИН

**БУЙРУГУ**

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2023-жылдын 3-мартындагы №115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын электр энергетика тармагын туруктуу өнүктүрүү, стабилдүү жана ишенимдүү иштешин камсыз кылуу, ошондой эле электр энергиясына тарифтерди белгилөө үчүн эсептөө жол-жоболорунун ачыктыгын жогорулатуу максатында **буйрук кылам:**

**1.** Электр энергиясына тарифтерди аныктоонун методикасы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**Министр** **Т.ИБРАЕВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 10-октябры, №01-13/199***

*Электр энергиясына тарифтерди аныктоонун методикасын бекитүү жөнүндө буйругунун толук мазмуну менен Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин сайтынан **(minenergo.gov.kg)** таанышса болот.*

## БАТКЕН РАЙОНДУК СОТТУК АТКАРУУЧУЛАР КЫЗМАТ БӨЛҮМҮ (САКБ)

***Баткен райондук соту тарабынан доогер "РСК Банк" ААКнын пайдасына жоопкерлер Марипов Одилжан Рауфханович жана Марипов Рауфхан Заитхановичтен 1 053 047 (бир миллион элүү үч миң кырк жети) сом карыз, 1 307 (бир миң үч жүз жети) сом күрөөгө коюлган мүлккө өндүрүп алуу соттук териштирүүнү баштоо жөнүндө кабарлоону каттоого кеткен жана почталык чыгымдары жана 31 861 (отуз бир миң сегиз жүз алтымыш бир) сом мамлекеттик алымды күрөөдө турган кыймылсыз мүлкүнөн өндүрүү жөнүндө 01.02.2022-жылы чыгарылган №ГД-726-21-Ба1 сандуу аткаруу документин мажбур түрүндө аткаруу үчүн жоопкер Марипов Рауфхан Заитхановичтин менчигиндеги күрөөгө коюлган турак үй (жер жана курулуштар) жалпы жер участогу 1200 м², турак жайы 160,85 м², чарбалык курулуштары 97,6 м², бирдейлештирилген коду 8-01-05-1002-0060, жайгашкан дареги: Баткен облусу, Баткен району, Самаркандек айыл аймагы, Паскы-Арык айылы, Средняя көчөсү №9 үйүн Көз карандысыз баалоочу М.Асанов тарабынан бааланган наркы боюнча баштапкы баасы 1 405 000 сом болгон баада сатылуусу 2023-жылдын 15-ноябрь күнү саат 11.00дө болуп өтө тургандыгы жөнүндө жарыялайт.***

Соода-сатыкка катышуу үчүн башталгыч баасынан **5%** күрөө Баткен районунун соттук аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн депозиттик эсебине төлөөсү зарыл.
Өтө турган соода-сатык тууралуу суроолор болсо Баткен районунун соттук аткаруучулар кызмат бөлүмүнө кайрылсаңыздар болот.

**Тел.: (03622) 5-07-76, (0773) 29-82-13.**

С/О 162

## ПССИ ОКТЯБРЬСКОГО РАЙОНА г. БИШКЕК

**объявляет проведение публичных торгов на 1/3 долю в праве общей долевой собственности**

***- квартиры №3, расположенной по адресу: город Бишкек, микрорайон №10, дом №12/1, идентификационный код: 1-04-10-0030-0050- 01-060, принадлежащей на праве долевой собственности Избасаровой Сауле Аскеровне, начальной стоимостью в размере 1 500 000 (один миллион пятьсот тысяч) сомов.***

Для участия на торгах желающим необходимо за день до начала торгов внести **5%** гарантийный взнос на депозитный счет ПССИ Октябрьского района г. Бишкек. Покупная цена должна быть внесена **не позднее 7 (семи) дневного срока** после проведения торгов на депозитный счет ПССИ Октябрьского района г.Бишкек. Торги состоятся **16 ноября 2023 года в 10.30 часов** по месту нахождения квартиры: **г.Бишкек, мкр. 10, дом 12/1, кв. 3.**
Организатор торгов судебный исполнитель ПССИ Октябрьского района г.Бишкек - Алымбаев М.К.

**Справки по телефону: (0555) 62-00-08.**

**Реквизиты:** *Центральное казначейство при МФ КР, БИК: 440001, р/с: 4402032100000408 (депозитный счет) ПССИ Октябрьского района г.Бишкек, код платежа: 14511900, в назначении указать участника торгов и номер дела.*

Н-969

## Ноокат райондук сотунун 14.04.2023-жылдагы №ГД-146/23-05 сандуу аткаруу документинин негизинде

***карызкор Ноокат районунун Кеңеш айыл округунун Арбын айылынын тургуну 07.03.1963-жылы туулган Канкожоев Идаятилла Шакировичтен өндүрүп алуучу "Айыл Банк" ААКнын пайдасына 479 043 (төрт жүз жетимиш тогуз миң кырк үч) сом 59 тыйын кредиттен болгон карызын алдын ала төлөнгөн 19 761 (он тогуз миң жети жүз алтымыш бир) сом 30 тыйын өндүрүлгөн. Өндүрүүнү күрөөгө коюлган мүлккө буруп, бааланып эл алдында ачык соода-сатыкка коюлуп сатылуусу жөнүндөгү аткаруу документи боюнча күрөөгө коюлган идентификациялык коду 5-05-07-1003-0078 сандуу Ноокат районундагы Кеңеш айыл округунун Арбын айылында жайгашкан жалпы жер аянты - 1340 кв.м., жалпы аянты- 69,2 кв.м., жашоо аянты - 61,2 кв.м. болгон турак жайынын экинчи ирет баштапкы баасы 1 200 000 (бир миллион эки жүз миң) сом наркта элдин алдында ачык соода-сатыкка коюлат.***

Аукцион **2023-жылдын 15-ноябрында саат 15.00дө** мүлк жайгашкан **Ноокат районунун Кеңеш айыл округунун Арбын айылында** өткөрүлөт.
Сатыкка катышууну каалагандар мүлктүн баштапкы баасынан **5%** өлчөмдө алдын ала төлөө менен калган сумманы **7 күндүк мөөнөт ичинде** төлөп берүүсү керек.
Пайыз төлөнүүчү депозиттик эсепти Ноокат райондук САКБдан алып, сурап-билүү үчүн **Ноокат райондук сотунун 1-кабатындагы Ноокат райондук САКБнын №9 бөлмөсүнө** кайрылсаңыздар болот.

**Байланыш телефону: (03230) 5-00-04, (0551) 77-56-57, (0556) 76-86-88.**

**Пайыз төлөнүүчү депозиттик эсеп:**
1. Ноокат райондук САКБнын эсеби РСК Банк ААКнын Ноокат өкүлчүлүгү.
2. Э/с 4407092100000157
3. БИК 440709
4. Төлөө коду 14511900
5. ИНН 00101199510034

С/О 163

***Аскаров Таалай Тентиевичке тиешелүү (08.08.2011-жылы берилген) мам.актысы Ч №321302 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-961

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Сгибнев Вениамин Михайлович код ОКПО 21442475, ИНН 20908197400250 считать недействительным.***

Н-963

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Кулбаев Мирлан Темибаевич код ОКПО 59600746, ИНН 21002198400182 считать недействительным.***

Н-964

## ЖОГОЛДУ

**УТЕРЯ**

***Дуйшеналиев Ракымбек Бекбосуновичке тиешелүү мам.актысы Ч №063696 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-956

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Рахимжанова Гульмира Умаровна код ОКПО 22364300, ИНН 0113065600271 (от 2000 г.) считать недействительным.***

Н-958

***Утерянное свидетельство на право пользования земельной долей серии ЧЖ VIII К №0394 (от 06.10.2023 г.) выданный Жайылским госрегистром на имя Чиверова Анатолия Семёновича считать недействительным.***

Н-959

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Иманкулова Динар код ОКПО 23493407, ИНН 13103195400091 считать недействительным.***

Н-960

***Өзгөн районундагы Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн Жаңы-Абат айылынын тургуну Шарафутдинов Баходиржон Адахамжановичке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы серия Ч №687221 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 827

***Баткен районунун Ак-Сай айылынын тургуну Холматов Мунарбекке тиешелүү мам.актысы Ч №893008, тех. паспорту жана башка документтери 2022-жылдагы кыргыз-тажик коогалаңында күйүп кеткендигине байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 216

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

**Биздин реквизиттер:** р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596
ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

**Башкы редактор**
АСАНБАЕВ
Нарaлы
Камбаралиевич

**Кабылдама**
**62-38-75**

Башкы редактордун 1-орун басары
КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77
Башкы редактордун милдетин аткаруучу
ДЫЙКАНОВА Жылдыз – 62-38-78

Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл - 62-38-71

**Бөлүмдөр:**
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-38-71
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87

Веб-сайт – 62-18-64
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66
"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

**Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.**
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

**Биздин дарегибиз:**
Бишкек шаары, 720040,
Абдумомунов көчөсү, 193.

**erkintoo@mail.gov.kg**

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

**Индекси: 68451**

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма №879. Нускасы 4437
Басууга 09.10.2023-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

ЖАН ДҮЙНӨ АЗЫГЫ
www.erkin-too.kg

# САПТАРЫНДА ТЕРЕҢДИК КАТЫЛГАН ЫРЛАР

**(Башталышы өткөн 06.10.23-ж. №80 санында)**

Мундузбектин Ысык-Көл жөнүндөгү ырларын окуп жатып мындан 60, 70 жыл мурунку Алыкул баштаган акындар бактылуу болгон турбайбы деген ойго кетет экенсиң. Себеби, 60, 70 жыл мурун "көл тартылып, бөксөрүп баратат, жылдар өткөн сайын көл суусу азайып, тартылып отурса, көлүбүздүн келечеги эмне болот?" – деген кабатырлануу, санааркоо, тынчсыздануу болгон эмес. Ошондуктан ал учурдагы акындар Ысык-Көлдүн сулуулугун, кереметин, касиетин даңазалоо менен гана алек болушкан. Ал эми азыркы учурда абал таптакыр башка. Көлдүн суусу жыл өткөн сайын көз көрүнө тартылып баратканы чындык. Немец улуу акыны И.Гётенин "Жер жарылса да, акындын жүрөгү аркылуу өтөт" – деп айтканындай мына ушул чоң көйгөйгө Мундузбектин акын катары тынсыздангапы "Көлүмдө болсун амандык" – деген ырында айкын көрүнөт:

*Чырпыгың элем чынармын,*
*Саябан шагын таратып.*
*Аз жашап өтөт чыгармын,*
*А сенде болсун амандык.*

*Толкунуң мага жалынып,*
*Оорусун каткан ападай.*
*Ансайын мен да кагылып,*
*Ооруймун жерге бата албай.*

Ар бир сабында терең ой катылган бул ырдын "Оорусун каткан ападай" – деген ыр сабын алсак, чын эле апалар оорусун балдарынан жашырат, айткысы келбейт, себеби апа балдарынын тынчын алгысы келбейт, апа балдарын аяйт. Анын сыңарындай көлдүн азыркы абалын оорусун каткан апага салыштырган ыр сабы поэзияны түшүнгөн окурмандын жүрөгүн элжиретет. Ал эми "Неге бөксөрөт?" деген ырында акын кайдыгерликке жаны ачып, кейийт. Бул ырдан эки куплет үзүндү келтирейин:

*Пейилдер куу чаначтай тарый берип,*
*Өлүү оокат, дүнүйөгө көзү тойбой –*
*Эл дагы маңкуртка окшоп эмне болгон,*
*Каректей ушул көлүн ойлоп койбой.*
*Кечээги жашыл саздан чаң чыгыптыр,*
*Толкундар жайпаган туш жайдак аянт.*
*Токтотуп машинасын чоң курсактар,*
*Ал жерде арак ичет ха-ха-хахалап.*

Чынында эле көлдүн суусу тартылып баратканы менен иши жок, көлдүн көйгөйүн ойлоп да койбогон жандар четтен чыгат. Акын ырында Ысык-Көлдүн тагдырын атпай кыргыз журту, мамлекет азыртадан ойлобосо ким ойлойт деген маселени коёт.

Мундузбектин балалык чагы Улуу Ата Мекендик согуш эбак эле бүткөн учурга туш келсе да ал айылындагы согуш каармандары менен бетме-бет көрүшүп, таанышып калганга үлгүргөн. Ошол согуш каармандары Мундузбектин жаш жүрөгүнө терең из калтырганы анын акындык жигер менен жазган "Василий", "Айтылбаган "кара кагаз", "Чачымды алган абакем" аттуу ырларынан даана көрүнгөн жана бул ырларда согуш трагедиясынын тагы, илеби айкын чагылдырылган. Бул ырлардын ичинен "Чачымды алган абакем" аттуу ыры поэманын жүгүн көтөргөн ыр. "Чачымды алган абакем" бул согуш каарманы. Ал тууралуу ырда минтип айтылат:

*Кан майданга күлгүн жашта аттанып,*
*Айтып калчу жалгыз немис атканын.*
*Ошол күнү табарсыкка ок тийип,*
*Госпиталдан жарым жандуу кайтканын.*

*Ошол немис түшүндөбү, ойдобу –*
*Болгон бугун "стакандан" чыгарчу.*
*Кайсы күнү кандай кызуу болсо да,*
*Садагалап бир жаңылбай чач алчу.*

*Кайран абам, курмандыгы согуштун,*
*Билген билди айтылбаган арманын.*
*Балким, мага тагдыр берген бактыдыр,*
*Далай барып чач алдырып калганым.*

Бул ырда Мундузбек бала чагында чачын алдырган абакесинин көрсөөн элесин акындык мээримдүүлүк, боорукердик, айкөлдүк менен көкөлөтө баяндайт. Эгерде арбак ыраазы боло турганы чын болсо, анда Мундузбектин чач алган абакесинин арбагы ыраазы. Эң башкысы бул ыр поэзия дүйнөсүндө жылдызы жанган ыр бойдон сакталаарына ишенем.

Жыйнакка кирген "Афган жеринде курман болгон курбалдаштарга", "Термез – совет-афган чек арасы, 1988-жыл", "Шейиттер үнү", "Жазганым чын" деген ырларды жүрөктөн оргуп чыккан күйүт ырлары десем болот. Көркөмдүк деңгээли бири-биринен кем калбаган бул ырларды окуп жатып, мамлекет жүргүзгөн саясаттын калпыстыгы канчалык трагедияга алып келгендигин сезебиз. "Афган жеринде курман болгон курбалдаштарга" деген ырында афган согушуна төмөндөгүдөй мүнөздөмө берген:

*"Каны жок" согуш кан менен бизди*
*какшаткан,*
*"Каны жок" согуш, катарымды алдап,*
*калп айткан.*

*"Аты жок" согуш, ый менен бизди*
*зарланткан,*
*"Аты жок" согуш, ыйманды жалмап,*
*ардантkan.*

Кандай таамай берилген мүнөздөмө. Чынында "интернационалдык милдет" деген курулай ураан астында бекерден-бекер нечендеген чырактай жанган жаш өмүрлөр кыйылбады. Мына ушул афган согушунда курман болгон курбалдаштарына арналган ырында акындын өкүтү жана арманы:

*"Ыр жазсам азыр – ыр жазгым келет*
*аларга,*
*Бийлесем азыр – тургузгум келет*
*катарга.*
*Далыдан таптап, жолдош деп колдон*
*кармамак,*
*Капамын кээде аларсыз жашап*
*жатканга" –*

деп айтылат да төмөндөгүчө жыйынтыкталат:

*Турналар кайкып, тааныштай бизди*
*чакырат,*
*"Саламат бол!" – дейт алыстан алар*
*ар убак.*

Чынында афган согушу канчалаган жаш өмүрлөрдү жалмап кеткен тарыхка кара так калтырган согуш. Анда жазыксыз өлүмгө дуушар болгон, эми эле "мурутy чыккан азыраак" жашы он сегизден ашкан (көп улуттагы) жигиттерибиз эч качан унутулбашы керек. Мундузбектин афган согушуна арналган мен жогоруда атап өткөн ырларын таланттуу поэзиянын кудуретинен жаралган көөнөргүс, нагыз эстетик ырлар деп атоого болот. Ал ырларды кайсы убакта окубагын афган апааты көз алдыңа тартылып, ал элге канчалык күйүт, чеги жок жоготуу алып келгенин жүрөгүң менен туясың. Бул ырлардын баалуулугу ушунда.

"Черновиктей биздин өмүрдөгү" ырлардын баарын талдап аягына чыгуу кыйын. Анткени андагы көп ырларда олчойгон ой, чылкый философия жатат деп айтсам, бул ырларды окуган окурмандар менин ушул оюма толук кошуларына ишенем. Ал ырлардын көркөм эстетикалык деңгээлинин бийиктиги да окурмандарды өзүнө тартып турат. Ошол эле учурда акындын ыр жазуу техникалык чеберчилигине таң коё албайсың. Ал жазган ырлардын тулку боюнан кемтик табуу кыйын.

Менин жеке пикиримде эгерде акын болобу, кара сөз чебери болобу, ал келечекке кала турган төгөрөгү төп келген, окурмандын купулуна толгон чаканбы же көлөмдүүбү түбөлүккө кала турган көркөм чыгарма жаратып алса, бул анын чыгармачылыктагы чоң жеңиши жана бактысы болот. Ушундай бактыга Мундузбек "Черновиктей биздин өмүр" ырлар жыйнагындагы ырлары менен жетти го деп ойлойм. Ал ырлар кыргыз поэзиясынын мыкты ырлар антологиясынан тартынбай орун алганга татыктуу – деп эсептейм. Албетте мындай ырлардын жазылышына биринчи кезекте акындык шык-жөндөмдүн, таланттын болгондугу, экинчиден анын кыргыз поэзиясы менен терең тааныш болуп келгендиги, айрыкча Алыкул Осмоновдун поэзиясынын күчтүү таасири түрткү болгондугун көрөбүз. Ошол эле учурда жыйнакка кирген котормолору анын дүйнөлүк поэзияны көп окуп, көп билгендигин айгинелейт. Бул котормолор да Мундузбектин акындык дараметинин көрсөткүчү десек болот. Айталы, Ю.Лермонтовдун "Бородино" аттуу ырын кимдер гана билбейт. Орус поэзиясынын туу чокусунда турган ушул ырды кыргызчага которгонго акындарыбыздын бирөө да даай алган эмеспи, анын кыргызча которулганын эч жерден окуган эмесмин. Мундузбектин ушул ырды которгонго бел байлаганы мени таң калтырды. Анткени "Бородинону" которуунун жоопкерчилиги, түйшүгү абдан оор эле. Ошого карабастан Мундузбек бул ырдын ыргагын, демин таба алганын котормонун биринчи куплетин окуганда эле сезесиң:

*- Айтчы, акетай, бул Москва,*
*Отко күйгөн, французга*
*Өтпөгөндүр бекер-тек?*
*Кармашуулар болгон канча,*
*Каның дүргүйт аларды айтса!*
*Жөн жеринен бүт Россия*
*Бородинону эстебейт!*

Ушул ыргак сакталуу менен "Бородино" баштан-аяк түп нускага тете которулган. Оку да ырахатын ала бер. Ошондой эле мурда жана кийин жашап өткөн кытай акындарынын, Михаил Ломоносовдун, Фёдор Тютчевдин, Афанасий Феттин, Давид Кугультиновдун, Мухтар Шахановдун ырлары, Омар Хаямдын рубаилери да "Бородинодон" кем эмес которулганынан күмөн саноого болбойт.

Мен "Черновиктей биздин өмүр" ырлар жыйнагын окуп бүткөндөн кийин чыдай албай бир таанышыма "Мундузбектин ырлары укмуш экен" – деп айтсам, "эмне ал ыр да жазат бекен" – деди. Чынында Мундузбектин ыр жазаарын билбегендер көп болсо керек. Бирок, Мундузбектин поэзиясы алар үчүн чоң жаңылык болооруна ишенем.

**Абдимухтар АБИЛОВ**



**Акындын колунда "Даңк" медалы**